Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Тоо

WWW.ERKIN-TOO.KG Жума, 2022-жылдын 9-сентябры №81 (3416)

САЛТТУУ МУЗЫКА – УЛУТТУК ИСКУССТВОНУН БАШАТЫ

Чолпон-Атада түрк тилдүү элдердин салттуу музыкалык искусствосунун изилдөөчүлөрү катышкан эл аралык симпозиум өттү. Иш-чара 9-сентябрь – Комуз күнүнө арналды.

Симпозиумга Кыргызстан, Казакстан, Италия, Венгрия, Финляндия, Австрия, Япония, АКШ, Канада, Улуу Британия, Сербия, Түркия, Азербайжан, Россия, Өзбекстан, Албания, Татарстан, Болгария, Түркмөнстан жана башка мамлекеттерден келген илимпоздор, салттуу музыка искусствосун алып жүрүүчүлөр оффлайн жана онлайн катышышты.

Иш-чаранын алкагында түрк тилдүү элдердин салттуу музыкалык искусствосун изилдөөдөгү көйгөйлөр жана анын булактары, дүйнөдөгү салттардын өзгөрүүлөрү, түрк элдеринин бий жана ыр салттары жана алардын учурдагы изилдөө ыкмалары боюнча пленардык талкуулар жүрдү.

Симпозиум кечээ, 8-сентябрда жыйынтыкталды. Иш-чаранын катышуучулары бүгүн Бишкекте өтө турган Комуз күнүнө карата даярдалган гала-концертке катышышат.

АЗ КАМСЫЗ БОЛГОН ҮЙ-БҮЛӨЛӨРГӨ 100 МИҢ СОМДОН

Президент Садыр Жапаровдун демилгеси менен өлкөдөгү аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө колдоо көрсөтүү максатында 100 миң сомдон бир жолку кайтарымсыз каражаттар бериле баштады. "Социалдык контракт" долбоорун ишке ашыруу алкагында өлкө боюнча жалпысынан 2800 аз камсыз болгон үй-бүлөгө 292 млн сом бөлүндү. Каражат аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө чакан ишкердик жүргүзүү үчүн берилип жатат. Бүгүнкү күндө Бишкек шаарында 350 аз камсыз болгон үй-бүлөгө 35 млн сом бөлүндү. Анын ичинен 60тан ашык үй-бүлөлөр сертификатка ээ болду. Бул долбоор жылдын башында – Кадамжай жана Жумгал районунда башталган. Мындан ары өлкө аймактарындагы аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө да мамлекеттен кайтарымсыз каражат берүү улантылат.

ОРТОЧО АЙЛЫК 47 953 СОМ БОЛДУ

"Эмгек жерде калбайт" демекчи, 2022-жылдын 1-августунан тартып 58 миңден ашык бюджеттик тармактын кызматкерлери жогорулатылган маяна ала баштады. Бул Президенттин "Мамлекеттик кызматкерлердин эмгек акысын реформалоо жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруунун негизинде болду. Бюджеттик тармактын кызматкерлерине мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар, мамлекеттик мекемелерде иштеген мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген кызматкерлер, кенже техникалык кызматкерлер, күч түзүмүнүн штаттан тышкаркы жана жарандык персоналдары кирет. Бул максаттарга республикалык бюджеттен 7 млрд сомдон ашык каражат каралган. Мамлекеттик кызматкердин орточо айлыгы 2021-жылы 22 879 сомдон 2022-жылы 47 953 сомго чейин өстү.

Эльвира СУРАБАЛДИЕВА:

"Жосунсуз жоруктарга баргандар аёосуз жазалансын"

5-БЕТТЕ

Тынчтыкбек НУРМАНБЕТОВ:

"Кырчынды" кыйдырбаймын кыйдыларга"

7-БЕТТЕ

Азизбек ШАМУРАТОВ:

«Эмгегимди, билимимди айылды өнүктүрүүгө жумшайм»

9-БЕТТЕ

Президент Садыр ЖАПАРОВ:

САНАРИПТЕШТИРҮҮ – БҮГҮНКҮ КҮНДӨГҮ ДҮЙНӨЛҮК ӨНҮГҮҮНҮН БАШКЫ ТРЕНДИ

Президент Садыр Жапаров 7-сентябрда Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына караштуу "Жарандык жана санариптик билим берүү борборлору" долбоорун ишке киргизүү аземине катышты.

Өлкө боюнча китепкана жана жаштар борборлорунун базасында 70 борбор онлайн режимде ишке киргизилди. Борборлорду түзүү менен жарандык жана санариптик билим берүүнү системалаштырып, жарандык, укуктук жана санариптик билим берүүнүн ар кандай программаларын туруктуу негизде ишке ашырууга болот. Өзгөчө алыскы райондордогу жашоочуларга билим берүү программаларынын жеткиликтүүлүгүн жакшыртууга, электрондук тейлөөлөрдү жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу кеңейтүүгө мүмкүндүк берет. Өлкө аймагында 38 калкты тейлөө борбору, 70 жарандык жана санариптик билим берүү борборунун түзүлүшү менен мамлекеттик электрондук кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүк кыйла кеңейген.

"Долбоор калктын бардык катмарларын: биринчи кезекте жаштарды, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарды, мигранттарды, ал эмес аксакалдарды да тартканды менен өзгөчө маанилүү. Аталган борборлор билим берүү багытындагы программалардан тышкары, жергиликтүү коомчулуктардын ийгиликке жетишкен лидерлер менен жолугушууларды, аялдардын лидерлигин алдыга жылдыруусу, жаштардын дебаттарды өткөрүүсү үчүн аянтча болуп бере алат" деп белгиледи Садыр Жапаров. Ал мамлекет жыл аягына чейин алыскы райондордо жана айылдарда дагы бир нече ондогон борборлорду ачууну колдоорун белгиледи.

Садыр Жапаров бүгүнкү долбоордун демилгечилери коомдун укуктук жана саясий маданиятын жогорулатууда бардык кызыкдар тараптардын күч-аракетин, дараметин бириктирүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүп жатканын канааттануу менен белгиледи.

Мамлекет башчысы белгилегендей, Кыргызстандын өнүгүшү үчүн билимдүү, руханий жактан өнүккөн, ата-бабалар тарыхын жакшы билген, улуттук жана үй-бүлөлүк наркты жана баалуулуктарды урматтаган, башка этностордун, башка дин өкүлдөрүнүн укуктарын сыйлаган, түрдүү тилдерди билген, санариптик компетенцияга ээ кыргызстандык жаранды калыптандыруу маанилүү. Ушуга байланыштуу Садыр Жапаров түзүлүп жаткан борборлордун программаларына Кыргыз элинин баалуулуктары менен нарк-насили, өлкө тарыхы тууралуу системалуу маалыматтык билим берүү иштерин киргизүүнү сунуштады.

КЫЗМАТТАШУУ КЕҢЕЙҮҮДӨ

Кечээ Президент Садыр Жапаров КМШга мүчө мамлекеттердин Ички иштер министрлеринин (полиция) кеңешинин отурумуна катышуу үчүн Ысык-Көл облусунун Чолпон-Ата шаарына келген КМШга мүчө мамлекеттердин Ички иштер министрлерин кабыл алды.

Мамлекет башчысы ааламдашуу жана технологиялык прогресс доорунда Шериктештиктин өлкөлөрү заманбап реалдуулуктарды так түшүнүү менен евразиялык мейкиндикте тынчтыкты жана бейпилдикти камсыз кылуу үчүн зарыл болгон күч-аракетин жумшап жатканын белгиледи. Бул контекстте Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги укук коргоо чөйрөсүндө коюлган тапшырмаларды чечүүнү камсыздоодо.

Ошону менен бирге өлкөнүн Ички иштер министрлигинин дарамети анын заманбап чакырыктарга жана коркунучтарга даярдыгын толук көрсөтүүгө, жарандардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылууга мүмкүндүк берерин белгиледи.

"Чет элдик өнөктөштөр менен кызматташуу көп тараптуу жана эки тараптуу форматта, анын ичинде КМШ өлкөлөрү менен кеңейип жатканы кубандырат" - деп белгиледи Мамлекет башчысы.

РЕФОРМА БАЛА БАКЧАДАН БАШТАЛАТ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Бишкек шаарынын Жал-29 кичи районундагы бала бакчанын ачылыш аземине катышты.

Акылбек Жапаров балдарды жана ата-энелерди кубанычтуу окуя менен куттуктап, аталган бала бакча Мамлекет башчысы Садыр Жапаровдун тапшырмасынын алкагында курулгандыгын белгиледи.

«Биз Президенттин тапшырмасын аткардык. Белгилүү болгондой, борбордо мектеп жана бала бакчалардын жетишсиздиги маселесин чечүү максатында 15 мектептин жана бала бакчалардын курулушу башталган. Бул тапшырманы аткаруу үчүн жалпысынан 3 млрд сом бөлүнсө, анын ичинде мамлекеттик бюджеттен 2,5 млрд сом бөлүнгөн. Бүгүн биз жаңы бала бакчаны ачып жатабыз. Быйылкы жылы 86 билим берүү объектисинин курулушу жыйынтыкталат. 35 бала бакчанын курулушу жүрүп жатат, ал эми 6 бала бакчада капиталдык оңдоо иштери жүрүүдө», - деди ал.

МАМЛЕКЕТ КОЛДООГО ДАЯР

Шаршемби күнү Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров өлкөнүн жеңил өнөр жай ишканаларынын жетекчилери менен жолугушту.

Акылбек Жапаров ишкерлердин жана жеңил өнөр жай кызматкерлеринин жигердүү ишинин аркасында Кыргыз Республикасы Евразия экономикалык биримдигинин алкагында жакшы экспорттук көрсөткүчтөргө ээ болуп жаткандыгын айтты.

"Негизинен кийим тигүү тармагынын салымынын аркасында республиканын калкы ата мекендик жогорку сапаттагы продукцияны сатып алууга кеңири мүмкүнчүлүк алды. Биз текстиль жана тигүү тармагынын экспорттук дараметин жогорулатууда бардык шарттарды түзүү менен катар, каржы жагынан да колдоого даярбыз. Буга чейин мамлекетте ишкерликти колдоо үчүн зарыл болгон финансылык каражат жок болчу. Эми өндүрүштүк долбоорлорду колдоо мүмкүнчүлүгүбүз бар"– деп, токтоп турган ишканаларды жандандырууга жаңыдан түзүлгөн «Кыргызиндустрия» мамлекеттик ишканасы көмөк көрсөтөөрүн кошумчалады.

Жолугушуунун жүрүшүндө жеңил өнөр жай тармагындагы ишкерлер тарабынан бир топ көйгөйлөр көтөрүлдү. Акыркы учурда тигүү ишканаларына буйрутма көбөйүп, бирок кесипкөй жумушчу күчү жетишпей жатканы, аймактарда ири тигүү цехтеринин филиалдарын ачууда жеңилдетилген насыялар керектигин, экспортту көтөрүү үчүн тигүү тармагына тийиштүү заманбап технологияларды сырттан сатып алууда салыктан бошотуу сыяктуу маселелерди айтышты.

ЖЕТЕКЧИЛЕР ЭЛ МЕНЕН ЖОЛУГУШУУДА

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев, Башкы прокурор Курманкул Зулушев жана Ички иштер министрлигинин өкүлдөрү Баткен облусунун Кадамжай районунун, Ош облусунун Ноокат жана Чоң-Алай райондорунун тургундары менен жолугушту.

Президенттин тапшырмасы менен жергиликтүү калк менен түз байланыш түзүү жана көтөрүлгөн көйгөйлөрдү ыкчам чечүү максатында өлкөнүн аткаруу бийлигинин, ошондой эле көзөмөлдөөчү жана укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнүн аймак тургундары менен жолугушуулары өтүп жатат.

Даярдаган
Жылдыз ДЫЙКАНОВА

Талкууга жооп

АЛТЫНДЫН АР БИР ГРАММЫ КӨЗӨМӨЛДӨ

Жакында эле социалдык тармактарда Президенттин бир тууган агасы Сабыр Жапаровго окшош адамдын алтын куймаларын кармап түшкөн сүрөтү тарап, коомчулукта талкуу жараткан.

Кечээ Президент Садыр Жапаров "Кабар" маалымат агенттигине бул сүрөт тууралуу суроого жооп берди. Сүрөт былтыр Түркияда тартылгандыгын, алтын куймаларды кармап түшкөн адам анын агасы Сабыр Жапаров экенин ырастады.

Президент белгилегендей, былтыр эл аралык алтын сатууну уюштурган Лондондогу Баалуу металлдар базарынын ассоциациясы (LBMA) Кыргызстандын алтынын дүйнөлүк биржада сатуусуна чек коюп койгон. Ошол мезгилде Түркия тарап Президенттин жана мамлекеттик жетекчилердин кабылдамасына кире алышпай, Сабыр Жапаровго чыгышкан. "Биз сатып алалы, келип алтын эриткен цехибизди көрүп кеткиле. Алтын сатып алууга толук мүмкүнчүлүгүбүз бар" деп кайрылышыптыр. Ошол жерге барып, алтын кармап сүрөткө түшкөн экен. Эми муну трагедия кылыштын кереги жок го дейм. Ансыз деле аларга же башка жеке булактарга бир грамм да алтын сатылган эмес. Түрк туугандардан башка он чакты мамлекеттерден жогорудагыдай сунуштар түшкөн", - деди Садыр Жапаров.

Мамлекет башчысы алтын бир жылдан бери сатылбай, "Кыргызалтын" аркылуу Улуттук банк гана сатып алып турганын белгиледи. Ошондой эле чет өлкөдөн келген коноктор же инвесторлор президенттин жакындарына чыга беришерин, мындай иштер буга чейин да болуп келгенин кошумчалады.

"Мага жана менин бир туугандарыма бир грамм алтындын кереги жок. Алтынсыз эле жашап келгенбиз, алтынсыз деле жашай беребиз. Тескерисинче, бир туугандарым мамлекетке кандай жардам берсек экен деп ойлонушат. Менин иштеримде кандайдыр бир кыйынчылыктар болсо, бир туугандарым "мурдагы президенттердин катасын кайталабасак экен, президенттик мөөнөтү бүткөндө элдин жүзүн ачык карап жүрсөк экен" деп, сарсанаа болушат. Былтыр, LBMA биздин алтын сатуубузду чектеп койгон мезгилде, баары сарсанаа болгону эсимде. Ошол мезгилде, "балким жардамым тийип калабы" деп Түркияга барган экен. Мамлекет тараптан кимдир бирөө суранган эмес. "Кумтөрдүн" алтынын сатыш үчүн эмес, жалпы эле Кыргызстандан өндүрүлгөн жеке жактардын алтынын канчадан сатып алып жаткандарын билиш үчүн барыптыр. Бирок, баасы абдан эле төмөн болгондуктан, бир грамм дагы алтын сатылган эмес", - деп жооп берген Президент.

Ошондой эле, мамлекетке тиешелүү алтынга бир туугандары эмес, өзү да жолобой турганды-гын,"Кумтөр", "Кыргызалтын", Улуттук банктын жооптуу кызматкерлери жана алтын сатууга катыштыгы барлар ар бир граммына чейин жооп берерин белгиледи.

Разия ЖООШБАЕВА

Сессияга серептеп

МЕКТЕП, КИТЕП, КОРРУПЦИЯ...

Кечээ 8-сентябрда Жогорку Кеңештин жыйынында депутаттар тарабынан бир катар социалдык-экономикалык көйгөйлөр көтөрүлдү. Депутат Русланбек Жакышов билим берүү тармагындагы маселелерге токтолуп: "Министрлер Кабинети көп жылдан бери бүтпөй жаткан мектептерди аягына чыгарыларын билдирген. Алардын убадасы боюнча 100дөй мектеп бүткөрүлмөк. Бирок, Бакай-Ата районуна караштуу Миң-Булак жана Калинин айыл өкмөттөрүнө 5 млн сомдой гана каражат бөлүнүп, калган Оро, Ынтымак айыл өкмөттөрүндөгү мектептерге каржы бөлүнгөн жок. Мындай көрүнүш улана берсе, жамгырга эле курулуш урап, буга чейинки кеткен каражат максатсыз коротуу мүмкүн", - деген оюн айтып, аталган маселеге көңүл буруп, курулушу бүтпөй турган мектептерди аягына чыгаруу зарыл экенин, ошондой эле Бакай-Ата районундагы борбордук жолду жаңылоо керектигин кошумчалады.

Ал эми эл өкүлү Аманкан Кенжебаев Сокулук районундагы борбордук стадион 5 жылдан бери, Новопавловка жана Военно-Антоновка айылдарындагы мектептер да көп жылдан бери аягына чыкпай жатканын маалымдады.

Мектептерде окуу китептеринин жетишсиздиги курч экенин Айбек Маткеримов айтып, маселеге көңүл буруп, китептерди басып чыгарууну тездетүү зарылчылыгын белгиледи.

Депутат айым Шарапаткан Мажитова Бишкек шаарындагы №29 мектеп-гимназиясынын мугалимдеринин жана ата-энелеринин атынан келип түшкөн кайрылуу боюнча маалымат берип, анда айтылган коррупциялык көрүнүштөрдү тизмектеди. Алсак, 1992-жылдан бери жетектеп келе жаткан Бахтияр Кадыровго нааразы болгондор, жылына коррупциялык жол менен окуучулардан каражат топтолорун маалымдашкан. Мындан улам Мажитова "мектептердин ишмердүүлүгүн иликтөө үчүн депутаттык комиссия түзүү зарыл", - деген сунушун киргизди.

"МИГРАНТТАРДЫ КАРГАШАЛУУ ОКУЯЛАРДА ГАНА ЭСТЕЙБИЗ"

Депутат Нурланбек Шакиев айыл чарба тармагындагы көйгөйлөргө токтолуп, пайызы төмөн насыяларды каалагандардын көпчүлүгү ала албай калгандыгын айтып, буга банктардын жүргүзгөн ишмердүүлүгү күнөөлүү экенине жүйө келтирди. Мындан тышкары Суусамыр өрөөнүн жылдан-жылга алтыкана бадалы каптап бара жатканын, тиешелүү министрлик алгылыктуу чара көрүү менен жайыт жерлерин тазалоону тездетүү керектигин билдирди.

Эл өкүлү Эмил Жамгырчиев "Мигранттардын маселесин каргашалуу окуялар орун алып, олуттуу көйгөйлөр жаралганда гана эстеп калабыз. Андыктан, мигранттардын көйгөйүн чечүүгө көмөктөшүү үчүн мамлекеттик жана бей өкмөт уюмдар менен тыгыз иш алып барган акыйкатчы институтун түзүү зарыл", - деген оюн айтса, депутат айым Надира Нарматова чындап эмгек мигранттарынын көйгөйлөрүн көтөрүп, кийинки жуманын шаршемби күнү Россиядагы элчини чакырып, атайын талкуу өткөрүү керектигин кошумчалады.

Ак-Талаа районунан бир добуштан шайланып келген депутат Мирлан Самыйкожо мамлекет тарабынан салынып жаткан социалдык мекемелердин жана жолдордун сапатына көңүл бурууга чакырып, Түндүк-Түштүк альтернативдүү жолуна кум куюлуп, шагылдар урап, унаалардын каттамына коркунуч жаратып жатканын сынга алды.

"МЫЙЗАМДАРДЫ МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДЕ ЖАЗУУ ӨТӨ МААНИЛҮҮ"

Депутат Камила Талиева мамлекеттик тилдин коргоого муктаж болуп жатканын белгилеп: "Айрыкча кыргыз тили мыйзамдын тили боло албагандыгы өкүндүрөт. Мыйзамдарыбыз туура эмес которулууда. Андыктан, мыйзамдардын бардыгын алгач мамлекеттик тилде жазуу өтө маанилүү", - деген оюн ортого салды. Муну менен катар Манас таануу сабагы тууралуу да сөз кылып, "2012-жылдагы Өкмөттүн токтомуна ылайык, бардык жогорку окуу жайларында 1-курстун студенттерине Манас таануу сабагы өтүлүшү керек. Бирок ошол токтом жокко чыгарыла электе эле Ош мамлекеттик университетинде аталган сабак окуу программасынан алынып калганы ойлондуруп жатат. Ким аларга андай укук берген? Мындайга жол берилбеш керек", - деп агынан жарылды.

"БИР КАТАР МЫЙЗАМ ДОЛБООРЛОРУ КАБЫЛ АЛЫНДЫ"

Башка дагы бир топ депутаттар күн тартибиндеги ар кандай маселелерди талкуулоо учурунда шайлоочулардын үнүн бийлик жетекчилерине жеткирүүгө аракеттеништи. Андан соң күн тартибиндеги "Темир жол транспорту жөнүндө", "Автомобиль транспорту жөнүндө" мыйзамдарга киргизилип жаткан өзгөртүүлөрдү үчүнчү окууда карашты. Бул боюнча Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитетинин төрагасынын орун басары Мурадил Сыдыков баяндама жасады. Талкуу маалында депутат Дастан Бекешев жана Кундузбек Сулайманов Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан темир жолунун курулушуна байланышкан маселелерди көтөрүп, анда жүк ташуу шарттарына токтолушту.

Ошондой эле Жогорку Кеңештин бул жыйынында "Кооперативдер жөнүндө" КР мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" мыйзамдын долбоору биринчи окууда каралды. Баяндамачы юстиция министринин орун басары Орозбек Сыдыков мыйзам долбоору Президенттин 2021-жылдын 8-февралындагы УП №26 "КР мыйзамдарын инвентаризациялоо жөнүндө" жарлыгынын негизинде жүргүзүлгөн КР мыйзамдарын инвентаризациялоонун алкагында иштелип чыккан жана мыйзамдардагы каршылыктарды жоюуга багытталганын белгиледи.

Депутат Азизбек Турсунбаев кооперативдердин азык-түлүк коопсуздугун камсыздоодогу ролу жогору экенин белгилеп, алардын ишмердүүлүгүн күчөтүүгө чакырды. "Айыл чарба чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү" мыйзамдын долбоору да биринчи окууда каралды. Жыйынтыгында мыйзамдар добушка коюлуп, биринчи жана үчүнчү окууда мыйзамдын долбоорлору кабыл алынды.

Жазгүл КАРБОСОВА

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Улуу маараке̕ден кийинки ой

КЫРГЫЗ ЭЛИМДИН БАШЫНДАГЫ ТААЖЫСЫ, АСТЫНДАГЫ АЛТЫН ТАКТЫСЫ – ЫНТЫМАК

Эзелтен бери эңсеген эгемендикке ээ болгонубузга быйыл 31-августта 31 жыл толгону жана Байтик Баатырдын 200 жылдык маараке̕си менен бирге өтө чоң масштабда, Президентибиздин катышуусу менен кызыл туубузду көк асманга көтөрүп, майрамдык шаң менен белгиленди. Президентибиз Садыр Жапаров куттуктоо сөзүндө эгемендүүлүгүбүздү, мамлекеттүүлүгүбүздү, биримдигибизди баалап, көздүн карегиндей сактаганыбыз өтө маанилүү экенин баса белгилеп, бүтүндөй Кыргыз элин биримдикке, ынтымакка чакырды. Президентибиз “Баатырыбыз миң болсо дагы, башчыбыз бирөө гана болсун” деп бекеринен айткан жок. Анткени бир элдин Баатыры миң болсо, башчысы да көп болсо, ал жакшылыкка алып келбейт!

Мен өтө чоң масштабдуу, ар тараптуу тойду көрүп, кырк миңге жакын чогулган элдин майрамдык маанайын көрүп, сөздөрүн угуп кубандым. Алдымда улуттун улуулугу, көз алдымда ажайып сулуулук көрүнүштөр турду. Жан дүйнөм жыргап, жүрөгүм толкунданып, тилим сайрагысы келип турду. Ушундай ахвалда мага өзүнөн өзү:

Тоону берген кыргызга
Кудайыма жакын болсун деп,
Токойду берген кыргызга
салкын жерде жүрсүн деп,
Көлдү берген кыргызга
толкунданып жүрсүн деп,
Бетти берген кыргызга
сулуу элден болсун деп,
Манасты берген кыргызга
улуу элден болсун деп,
Байтикти берген кыргызга
баатыр элден болсун деп,
Чыңгызды берген кыргызга
чынчыл элден болсун деп,
Садырды берген кыргызга
башына бакыт консун деп,
Калпагы таажы (корона)
болсун деп,
Астындагы тактысы
алтын болсун деп! деген саптар келди.

Эгемендүүлүккө ээ болгонубузга 31-августта 31 жыл болгону өзүнчө бир сейрек кездеше турган улуу дал келүү кубулушу болду. Айрыкча белгилеп кетчү жагдай– 31-августа 31 жылдык маараке̕ге байланыштуу Чүйдүн Чуңкурчак деген жайлоосунда желегибизди 31 метр бийиктикке көтөрүп, 31 км аралыкка ат чабуу салтанаттары менен коштолду. Президентибиздин ошол салтанатта эки жолку сүйлөгөн куттуктоо сөзүнүн жалпы убактысы дагы өзүнөн өзү 31 мүнөткө уланып жатпайбы.

Дагы бир башка өңүттөгү туш келген кубулушту айтууга туура келип турат. Кудайымдын кудурети менен Турдакун Усубалиевичтин атасын 95 жашында инсульт дартынан дарылагам (андан кийин ал киши айыгып алты жыл жашады). Андан кийин филармониянын залындагы чоң жыйында Турдакун Усубалиевичтин өзүн 95 жылдык маараке̕си менен куттуктагам. Ушул сыяктуу улуу туш келмей кубулуш – көрүнүштөр дүйнөдө көп кездешет. Алардын кээ бирлерин өз кезегинде айтып, жазган элем.

Бул макалада менин айтайын дегеним, такыр башка нерсе болгону турат. Улуу эгемендүүлүктүн 31 жылдык майрамында оюм кайдадыр оюн салып, жүрөгүм туйлап өзгөчө сезимде болдум. Ошондуктан, мекендештеримди ынтымакка чакырып, биримдикке үндөйүн деген эле максат койдум. Азыркы убакта элибизге ынтымак ичкен тунук суубуздай, дем алган таза абадай керек болуп турат.

Кыргыз элимдин тарыхы терең, келечеги кенен болгондуктан, байыртадан бери элибиз ынтымакты сактоону бийик жана ыйык милдеттеринин бири деп эсептеп келген. Биримдикте жашоону кыргыз элим өмүр бою каалап, эгемендикке ээ болууну эңсеп келишкен.

Кыргыз элимдин негизги максаттарынын бири – эл арасындагы, айрыкча улуттар арасындагы мамилени жакшыртуу. Себеби, кыргыз элимдин басып өткөн татаал жана тайгак, кызыл кандуу жолу ошого үйрөткөн. Ошондуктан, кандайдыр бир улут аралык маселени чечерде даанышмандык менен өтө кылдат мамиле жасаган. Алар акыл чайкап калчаган, билбей туруп шашпаган, керек болсо артка карай бир-эки кадам таштаган, андан кийин гана ынтымак ишин баштаган.

Эгемендүүлүктүн 31 жыл аралыгында ынтымактын жоктугунан алты өлкө Президенти, жыйырма спикер, отуз Премьер-министр алмашты. Бири дагы көзгө илинерлик, эсте калчу көрүнүктүү улуу иштерди жасабагандай. Жакшы иштердин бардыгы өзүнөн өзү инерция менен илгерилегендей, өз нугу менен алдыга жүргөндөй эле болуп сезилет. Алардын жасаган жакшы иштерин жаман иштери жууп кеткендей. Бирок, ар биринин оң, терс иштерин тарых терең изилдеп, өз ордуна коет деп үмүт кылабыз.

Улуттук улуу наамдар улут арасындагы ынтымакты биз каалагандай бийик деңгээлге чыгара албагандай сезим менин ички дүйнөмдү дүрбөлөңгө салганы салган. Улут арасындагы ынтымактын, биримдиктин, чогуу жашоонун гармониясынын куралы, негизги сыйкыры эмнеде? Көрсө жообун байыркы “Манастан”, азыркы Чыңгыздан тапса болот экен. Алардын негизги көргөзгөн жолу – бул диалог философиясында, башкача айтканда – тил табышуу, консенсуска келүү, жанаша жашоо принциптери тура.

Манас менен Чыңгыздан башка дагы кыргыздын тарыхында көп булактар бар. Алар – кара кылды как жарган калыстары, эч пенде бузалбаган кыргыздын улуу мыйзамдары, бийик мурастары.

Чыңгыз Айтматов мен мыктымын деп төш какпай, ар бир улутту, ар бир динди бири-биринен жогору койбой, ар бир маселени өз ара баарлашуу, түшүнүшүү жолдору менен чечкенге үндөгөн. Ошондуктан улуу жазуучу – улуттардын арасынан өзү жогору көтөрүлүп чыгып, аларга Ааламдын кеңдигинен, космостун бийиктигинен карап, улуттардын, айрыкча кыргыз улутунун ынтымак багытындагы миссиясын аныктап берди деп айта алабыз.

Улуусуна кичүүсү баш ийбей, байын кедей жактырбай, кедейине байы карабай, бир туугандар бири-бирин көрө албай калганда ынтымак ыдырайт. Мамлекеттүүлүктүн, эгемендүүлүктүн, көз карандысыздыктын тагдыры эзелтен бери элдин колунда, элдин ынтымагында болуп келген. Ынтымактан качкандар, ыгы жок көзүн ачкандар, саясатка өз өмүрүн садага чапкандар, бийликтин чокусунан өз балдарын аткандар болгон. Мындай оош-кыйыш көрүнүштөр кыргыз тарыхында болуп келген. Кандай кыйынчылык болбосун баарына чыдап, өз өмүрүн аябай, баатырдык мүнөзүн көргөзүп, намыс үчүн күрөшүп келген.

Биздин президентибиз айткандай, биздин эң баалуу байлыгыбыз – бул көз карандысыз мамлекетибиз, эгемен элибиз. Мындан артык бакыт, мындан ашкан байлык жок. Кыргыз эли ар дайым кандайдыр бир ийгиликке жеткенде өзүнүн желегин бийик көтөргөн. Бийиктеги желбиреп турган желек элибизге, мекенибизге болгон сүйүүнү өөрчүткөн, мамлекеттүүлүктү ыйык сактаганга дем берген. Намыстуу гана эл өзүнүн бактысын эгемен болгондо гана сезет жана аны сактаганга умтулат.

Ар кандай бөлүнүп-жарылуудан алыс болуп, акылды асырап, ата-бабалардын салтын сактап, ар дайым адамман (дух инсаны), кыргызман, Манастын урпагымын, мусулманмын (Кудай инсаны) деп жүрүүгө аракет кылышыбыз керек. Ушул жерден баса айта турган нерсе, Жараткансыз жакшы жашоого жетем деп ойлобо, Теңиримсиз башкаларга тең болом деп теминбе, Кудайсыз күчтүү коом курам деп кууланба, Алласыз адилеттүү турмуш орнотом дебе. Мындай текеберлик өзүн өзү алдоо менен барабар.

Адамдын арыбас жашоосунда, Алла Таалам адамды өзү жараткандан кийин эле адамга үч улуу дөөлөттү буюруп коёт. Ата-энени, Ата Мекенди, Эне тилди. Ошол улуу дөөлөттөрдү элибиз үч түрдүү жомогу менен, үч кылдуу комузу менен, үч бурчтуу тумары менен ыйык сактап, муундан муунга мурастап келе жатат. Ушул улуу табериктен кыргыз элим жан дүйнөнүн азыгын алып, буйруп койгон жазыгын көрүп, кагып койгон алтын казыгын аздектеп жашап келе жатат.

Сиздер билесиздерби, кыргызымдын ыйыгы – Жараткан, бийиги – Адам, байлыгы – сөз, башаты – мекен, байрагы – кызыл туу, урааны – Манас, улуту – Кыргыз, караганы – жылдыз, кармаганы – комуз, суусундугу – кымыз, суктанганы – сулуулук, урматы – улуулук, аяны – түш, баяны – жомок, таптаганы – күлүк, сактаганы – мүлк, салганы – бүркүт, энчиси – эмгек, турагы – боз-үй, тамгасы – чамгарак, мүнөзү – сабыр, мүдөөсү – санжыра, күрөшү – мээнет, тутканы – салт, калысы – калк, тиреги – эл, сайраны – той, санаасы – ой, тагынганы – тумар, талпынганы – тулпар, бермети – Ысык-Көл, бешиги – Ала-Тоо, эңсегени – эркиндик, башындагы таажысы – Ак калпак, астындагы алтын тактысы – Ынтымак. Ушул баалуулуктардын баарын баамдап байый түшөсүң, айтып алып агара түшөсүң, тактап алып тазара түшөсүң, төгүлө айтып алып толо түшөсүң, өзүндү өзүң тааныып өзгөрө түшөсүң.

Кыргыз элим илгертеден бери өзүнүн турмуш эрежелерин өзгөртпөй, сактап, улантып, байытып келе жатат. Кандай сонун көрүнүш – жайлоодо жыргап жайлаган, жылгада жылкы айдаган, желеде кулун байлаган, сабада кымыз саамалган, короодо кою маараган, казанда эти кайнаган, багында булбул сайраган.

Байыркы касиеттүү бабаларыбыз Алтайда, Эне-Сайда, Ала-Тоодо, Азияда уруктан уруу куруп, урууудан улутка жетишип, бек, бий, айрыкча хандык күтүп, түндүгүн көтөрүп, көк асабасын көтөрүп, ат арытып, заман карытып, тарыхы терең, келечеги кенен, татаал жолдорду басып өттү. Кыргыздар узак жолду баскан тиричилик турмушунда нечендеген боордошторду, ак-ниет досторду жана кошуна-колоңдорду күтө алды.

Ынтымак, достук принциптерин жогору коюп майда-чоңуна, улутуна-уруусуна карабай бооруна тартып мамиле курду. Бирок, кыргыздар башына кыйын күн түшсө дагы жоонун көзүн карап кошооматтанып жашаган эмес. Кыргыз өз кадыр-баркын, абийир-намысын ыйык туткан, кудрет-күчүн билген, уюткулуу журт катарында ар түрдүү уруу – элдер менен тийиштүү алакада, алардын күчтүү-алсыздыгына карабай, көчмөн элдин нарктуу-барктуу салтын сактап, адилет, адамгерчилик, боорукерлик, кайрымдуулук, сабырдуулук менен мамиле кылган жана башкаларды ошондой касиет күтүүгө, нарктуулукка, намыска жана ынтымакка чакырган.

Улуу даанышман бабалардын узак жолун улаган, руханий маданиятына, акылмандыгына салымын кошкон, эл оозуна алынган XIX – XX кылымдардын да таланттуу акылмандары, даанышмандары бар экенине сыймыктанабыз.

Улуу даанышмандардын ысымдарын, эрдигин жана накыл керээзин улап, кийинки муунду унутууга акыбыз жок. Бардыгыбыздын парз-карызыбыз – жаш муунга бабалардын акылнасаатын кулагына куюп, тынымсыз коңгуроо кагып эскертип турууга милдеттүүбүз. Ынтымактын негизин, ошол даанышмандардын калтырып кеткен мурастарынан тапса болот. Алардын орто кылымдагы эле өкүлдөрүн санасак: Жусуп Баласагын, Махмуд Кашгари, Асан Кайгы, Толубай сынчы, Токтогул ырчы, Калыгул олуя, Токтогул, Тоголок Молдо, Молдо Нияз, Нур Молдо, Женижок ж.б.

Мамлекеттүүлүктү түптөөдө, элдердин ынтымагын чыңдоодо зор салымын кошкон Жусуп Абдрахманов, Иманалы Айдарбеков, Исхак Раззаков, Турдакун Усубалиев, Апсамат Масалиев, Султан Ибраимовго окшогон инсандарыбыз чоң үлгү көрсөтүшкөн.

Садыр Жапаров дагы ниети таза, руху бийик, арам иштерге барбаган, бүт аракетин тынчтыкка, элдин ынтымак-ырыскысына арнаган, элдин ишенимин актаган үлгүлүү президент болот деп мен толугу менен ишенем.

Миталип МАМЫТОВ,
Кыргыз Республикасынын
Баатыры, академик

Кечиримсиз иш...

КЫЛМЫШКЕРЛЕР КАТУУ ЖАЗА АЛУУГА ТИЙИШ

Өлкөбүздө балдарга карата зордук-зомбулуктун күчөшү эң оор көйгөй болуп турат. Өзгөчө акыркы жылдарда мындай фактылардын саны өсүүдө. Болгондо да ырайымсыз, уккан адамдын төбө чачы тик турган окуялар болуп жаткандыгы өтө кейиштүү. Мындай мүнөздөгү маалыматтарды күн алыс интернет желесинен окуй берип, сезимтал адамдардын жүрөгү көтөрө албай калган оор учурлар да кездешет. Бирок, көпчүлүк учурда кылмышкерлер өз жазасын алмак тургай, иш сотко жетпей калып жатпайбы. Анткени, жаш балдар-кыздарга карата зордук-зомбулук туугандары тарабынан жасалат. Жапа чеккендер өз ара келишип алышып, же эл арасына тарап кетпесин деген чочулоо менен жабылуу аяк жабылуу бойдон калат. Ошондуктан, ачыкка чыкпай, тагдыры талкаланган наристелердин, жаш өспүрүмдөрдүн саны дагы канча дейсиң?!

Зордук-зомбулуктун көп болуп жатышын кылмышкерлерге болгон жазанын жеңилдиги менен да байланыштырсак болот. Үрөй учурган окуялардын айрымдары эл арасында катуу резонанс жараткан учурларда гана кылмышкерлерге акыйкат жаза берилбесе, кээ бир учурларда өлгөндүн үстүнө көмгөн болуп, зордук көргөн тарап акыйкаттыкка жете албай кордолуп, кодуланып кала берет.

Жакында эле Бишкек шаарында 13 жашар кызды зордуктап жүргөн эки милиция жана "Дордой" базарынын кароолчусу боюнча кылмыш ишин кароо аяктап, соттун өкүмү чыкты. Эки милиция кызматкери 15 жылга эркинен ажыратылса, кароолчу 10 жылга соттолду. Кылмышкерлерге берилген мындай жаза көпчүлүктүн көксөөсүн аткарып, көңүлдөрүн тынчыткандай болду.

Андан кийин эле коомчулук арасында чуу жараткан борборубуздагы мейманканалардын биринде зордукталган 17 жашар кыздын окуясы чыкты. Аталган кылмыш иш боюнча иликтөө иштери аяктаган соң, күнөөлөрү далилденсе кылмышкерлер тиешелүү жазасын алат деген үмүттө турабыз.

Бул окуяларды акылыбызга сыйдыра албай нес болуп турган учурда, Кадамжай районундагы 15 жашар кыздын зордукталып өлтүрүлүшү кайрадан жүрөгүбүздүн үшүн алды.

А түгүл Президент Садыр Жапаров да фейсбуктагы баракчасы аркылуу бул окуяны угуп зээни кейип турганын билдирди. Мамлекет башчыбыз айткандай, кыргыз эли байыртадан кыз балага өзгөчө мамиле жасап, бир тал чачына залал келтирбеген нарктуу эл эмес беле.

Жакында эле чыккан нарктуулукту сактоо жана жайылтуу тууралуу жарлыгы коомубузду сырттан кирген жаман адаттардан сактоо үчүн улуттук иденттүүлүгүбүздү калыбына келтирүү максатында алдын ала көрүлгөн аракет экендигин белгиледи.

"Кадамжайдагы мыкаачылыкты баарыбыз жектейли. Жаш муундарга болгон тарбия-насаатыбызды күчөтөлү. Ар бирибиз коом алдында жоопкерчилигибиз бар экенин эстен чыгарбайлы. Мен Ички иштер министрлиги баштаган күч органдарына жана башка тиешелүү мекемелерге уул-кыздарыбызга карата зордук-зомбулуктарды алдын алуу иштерин күчөтүүнү тапшырам. Кадамжайда жасалган мыкаачылык – кечиримсиз иш. Кылмышкерлер өтө катуу жаза алууга тийиш", - деп, бул ишти жеке көзөмөлүнө ала тургандыгын билдирди.

Президент белгилегендей, зордук-зомбулук фактыларынын көбөйүп жатышына алдын алуу иштеринин начар жүрүп жаткандыгы да башкы себеп. Өз балдарын коргоо ар бир ата-эненин милдети. Бирок, өз милдетин түшүнбөгөн же балдарынын келечегинен мурун материалдык кызыкчылыкты биринчи орунга койгон жоопкерчиликсиз ата-энелерди канча айтканыбыз менен аңсезимдерине жетмейин өзгөртүү кыйын окшобойбу. Ата-энелери коргой албаган балдарды албетте мамлекет камкордугуна алуусу зарыл. Көпчүлүк учурда зордук-зомбулуктун курмандыгы болуп жаткан мигранттардын балдарын өз убагында аныктоо, социалдык жактан колдоо иш-чаралары жүргүзүлбөй жаткандыгы анык.

Эң негизгиси, ар бир ата-эне ар бир баласын канатына калкалап, кырсыктардан сактоого өзү гана аракет кылмайын, мындай көрүнүштөрдүн аягы тыйылбайт.

Жогорку Кеңештин жыйынында депутат Нуржигит Кадырбеков аш-тойго, көңүл ачууга убакыт таап, балдарга көңүл бурбай калгандыгыбыз тууралуу ачуу чындыкты айтты. Балдардын кемкарчын алып берип, камсыздап коюу оңой. А ички сезиминде кандай көйгөй болуп жаткандыгын сурап, жетиштүү көңүл буруп жатабызбы? Сырдашып, баарлашмак түгүл өз балабызга өзүбүз чоочун болуп калган учурлар болуп жатпайбы. Канча бала зордук-зомбулук көргөнүн же көрүп жатканын айта албай чөгүп жүрөт?

Кылмышка баргандардын татыктуу тарбия албагандыгын, сырткы факторлордон алган таасирлерин канчалык айтып, заманыбызды күнөөлөгөнүбүз менен балдарга карата жасалган зордук-зомбулукту эч качан актоого болбойт.

11-августта Президент Садыр Жапаров "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына, Кылмыш-жаза кодексине, Мунапыс берүү негиздери жана анык колдонуу тартиби жөнүндө" мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөргө кол койгон. Ага ылайык, балдарга карата зомбулук кылгандарга жаза катаалданды. Өспүрүмдөрдүн өмүрүнө, ден соолугуна доо кетиргендер эң аз 25 жыл эркинен ажыратылат же өмүр бою кесилет. Ошондой эле аларга мунапыс, мөөнөтүнөн мурда бошотуу сыяктуу ырайым чаралары колдонулбайт.

Коомчулук талап кылгандай, балдарга зордук-зомбулук көрсөткөндөргө жазаны мындан да катаалдантуу зарыл. Анткени, алар менен көрөшүү кыйын болуп жатат. Мыкаачылыкка барган кылмышкерлерге өлүм жазасы керек. Эгерде сотторго адилеттүүлүк орното алсак...

Жылдыз ДЫЙКАНОВА

ӨЛҮМ ЖАЗАСЫН КИРГИЗҮҮ КЕРЕКПИ?

"Жаштар – өлкөбүздүн келечеги" деп дембе-дем айтканыбыз менен алардын коопсуздугун камсыздоого жетиштүү кам көрүлүп жатабы, же кайдыгерлик күчтүүлүк кылуудабы? Бул маселе парламенттин 7-сентябрдагы отурумунда көтөрүлүп, эл өкүлдөрү үрөй учурган окуяларга катаал чара көрүү зарылдыгын белгилешти.

Жогорку Кеңештин депутаты Эльвира СУРАБАЛДИЕВА:

"ЖОСУНСУЗ ЖОРУКТАРГА БАРГАНДАР АЁОСУЗ ЖАЗАЛАНСЫН"

- Жашы жете элек балдар менен аялдардын алсыздыгынан пайдаланган кылмышкерлерге катаал чаралар көрүлбөсө болбойт. Себеби, бети ачылган кылмыш иштеринин 95%ы жаш балдар менен аялдарга карата жасалган. Учурда чукул чара көрө турган бул маселенин парламентте көтөрүлүп жаткандыгы көйгөйдүн "каканагы" жарылды деген кеп. Анан калса, зордук-зомбулукка кабылган жабырлануучуларга "ишти сотко жеткирбесин" деген максатта коркутуу-үркүтүүлөр да болот экен. Тосмо арыздар менен иштин жабылуу аяк жабылуу боюнча калуусун сурангандар да жок эмес. Бул терс жорук-жосундарга жол бергендерге аёосуз катаал жазалар колдонулушу керек.

Жогорку Кеңештин депутаты Тазабек ИКРАМОВ:

"КЫЛМЫШТАРДЫ АЛДЫН АЛУУ ЗАРЫЛ"

- Кылмыштуулукка каршы күрөшүүдө аймактык укук коргоо органдарына шарт түзүп, алардан так маалыматтар талап кылынууга тийиш. Дегеним, ар бир аймактык милиция кызматкери өз тейлөөсүнө караган жашоочулардын арасында кылмыштардын алдын алып, социалдык кызматкерлер менен биргеликте иш алып баруусу зарыл. Ошондой эле милиция кызматкерлери мектептерди кыдырып, түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, тартип маселелерин жолго коюуга милдеттүү.

Жогорку Кеңештин депутаты Марлен МАМАТАЛИЕВ:

"ӨЛҮМ ЖАЗАСЫН КИРГИЗҮҮ БЫШЫП ЖЕТИЛДИ"

- Көчө бойлорунa орнотулган видеобайкоочу аппараттар бир гана жол эрежелерин бузгандарды каттоого эле арналган эмес. Ал жалпы "Коопсуз шаар" долбоору болгондуктан, коопсуздук маселелеринде да тиешелүү маалыматтарды чогултууга тийиш. Мисалы, Грузияда кичинекей бир кыздын кыйкырыгы жазылып калган тасмага укук коргоо органдары дароо реакция кылган. Ушул сыяктуу "Коопсуз шаар" долбоорунун 2-фазасы да өз милдетин аткаруусу керек. Депутаттар сунуш кылгандай, кылмыштын оор түрлөрүнө өлүм жазасын киргизүүгө 300 миң кол топтоп, референдум өткөрүп, тиешелүү мыйзамдык базага түзөтүүлөрдү киргизүү зарылчылыгы бышып жетилди.

Жогорку Кеңештин депутаты Нуржигит КАДЫРБЕКОВ:

"ГУМАНДУУЛАР ГУМАНСЫЗДАРДЫН КОЛУНАН АЖАЛ ТААП ЖАТАТ"

- Бизге жетип, коомчулуктун көңүлүн буруп жаткан кылмыштуулук көйгөйү айсбергдин үстүнкү, алыстан көрүнгөн бөлүгү гана. Калың муздун алды али табышмак. Адам кейпин кийген менен айбанчылыкка барган 20-30 жаштагы курактагылардын кыянаттыгын угуп отуруп, мамлекеттин эртеңин тапшырып берчү муундарга болгон ишеним акталаар бекен? - деген чоң суроо ойлондурат! Ошол кылмышкерлердин чеңгээлине түшкөн кыз жардам сурап кыйкыргандыр. Жалооруп, жардам сурагандыр? Кандай болгон күндө да ошол абалды кулагы чалып, көзү көрүп калгандар болсо милицияга коңгуроо кагып, кылмыштын алдын алууга кол-кабыш кылса жакшы болмок. Бирок, коомдо кайдыгерлик оорусу күчөп барат. Анан дагы балдардын кароосуз калып жатышы терең ойго салган оору болду. Жогорку Кеңештин Социалдык саясат боюнча комитетине жөнөтүлгөн маалыматтарга таянсак, 80-100 миңдей балдарды туугандарына, ал гана эмес коңшу-колоңдоруна таштап, миграцияга кеткен ата-энелер бардык аймактарда бар. Ата-эне мээримине зар балдардан кандай муун өсүп чыгат?! Ар бир бала өз ата-энеси менен болгондо гана татыктуу тарбия алып, бекем камкордукка бөлөнөт. Балдардын кем-карчын толуктап, керектүүсүн алып бердим,- деген ата-эне терең жаңылышат. Алар эң зарыл болгон тарбия менен мээримди бере алышкан жок. Ата-эне менен балдардын ортосундагы ажырым улам тереңдеп бара жаткандыгы өкүндүрөт. Миграцияга кеткен эмес, маңдайында бир үйдө туруп деле балдарына жетиштүү көңүл бурбагандар канча? Той-топурдун кезеги түгөнбөй, телефондон кол бошобой балдар менен болгон алакадан алыстаган ата-энелерди да көрүп жүрөбүз. Демек, жанында турса да кароого муктаж болгон балдардын мууну өсүп жатканы жан кейитет. Бурулайдын, Айзаданын окуяларына окшогон кылмыштардын системалуу өсүшү коомчулуктун көзүндү ач деген ачуу талабы! Окуядан ойт берип качпай, кылмыштуулуктун алдын алуубуз керек. Гумандуулукка негиздеп алып салган өлүм жазасын кайрадан киргизбесе болбой калды. Антпесе, гумандуулар гумансыздардын колунан ажал таап жатат.

Жогорку Кеңештин депутаты Медербек АЛИЕВ:

"БЕЧАРАНЫН БАЛАСЫ ӨЛҮМ ЖАЗАСЫНА ТУШ БОЛУП КАЛБАШЫ КЕРЕК"

- Дүйнөлүк практикага таянып айтканда, өлүм жазасын колдонууга болбойт. Бул менин юрист катары айтып турган пикирим. Албетте мындай оюмду коомчулук колдобосун билем. Бирок, медалдын эки бетин бирдей талдоого туура келгендей эле маселенин өзөгүнө үңүлүп көрөлү. Тергөө иштери, соттук процесстер кандай жүрөрү белгилүү. Куру жалаага кабылып, бөөдө бечара бир үй-бүлөнүн баласы атылып, өлүм жазасына туш болуп калбашы керек. Колунда барлар балдарын куткарып калууда бардык ресурстарын колдонот. Дүйнөлүк тажрыйбага кайрылып, БУУнун 1996-жылдагы изилдөөлөрүнө токтолсок, өлүм жазасы бар мамлекеттерде кылмыштуулуктун саны азайган эмес.

Кипариса СУРАХМАНОВА

Биринчи байлык – ден соолук

САЯСАТ МЕНЕН ЭМЕС, ИШ МЕНЕН АЛЕКТЕНҮҮ ЗАРЫЛ

Жогорку Кеңеш 7-сентябрда Гүлнара Баатырованы саламаттык сактоо министри кызматына дайындоого макулдук берди. Анын талапкерлигин кароо учурунда 44 депутат суроо берип, сунуш-пикирлерин айтышты. Натыйжада 69 эл өкүлү "макул", бирөө "каршы" добуш берип, талапкерлиги жактырылды. Жыйында Баатырова мурдагы министр Алымкадыр Бейшеналиевдин жүргүзгөн реформаларынын оң жана терс жактарын таразалап, туура жактарын уланта турганын айтты. Гүлнара Баатырова 2001-2013-жылдары Ош облусунун Кара-Суу райондук Үй-бүлөлүк медицина борборунун директору, Саламаттык сактоо министрлигинин медициналык аккредитациялоо комиссиясынын төрайымы болуп иштеген. Ага удаа эле Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү болуп да эмгектенген.

АЧЫК АЙТЫП, АША ЧАПКАН МИНИСТР

Жарандар үчүн саламаттык сактоо кызматтарынын жеткиликтүүлүгүн арттыруу, калктын ден соолугун чыңдоо маселелеринде Саламаттык сактоо министрликтин жана министрдин ролу чоң. Ошондуктан калк бул тармакты башкаруу үчүн дайындалган министрге үмүт артып, анын ишине баа берүүгө ашыгат. Жаңы министр дайындалган сайын анын ишине көз салып турат.

Аталган министрликти 1930-жылдардын соңунан тарта 23 министр башкарган. Гүлнара Баатырова аял кишилерден чыккан төртүнчү министр болмокчу. Анын алдында министрликти жетектеген Алымкадыр Бейшеналиев элдин эсинде өзгөчө министр катары калды. Анын реформа жасоого болгон аракети күч болуп, көп көйгөйлөрдү жайгарууга белсенгени көпчүлүктүн көңүл чордонунда болуп турду. Пикирин коомчулуктун алдында ачык айткан министр элге медицина тармагындагы катылуу сырларды ачыктап, тармактын монополисттерине чабуул жасаганга да чамынып көрдү. Айрым маселелерде аша чаап, коомчулуктун сынына да кабылды. Айтор, бул министрдин убагында көп окуялар болду. Жогоруда аты аталган министрлердин ичинен Талантбек Батыралиев кызматка дайындалганда да эл арасында "Батыралиев министр-реформатор болот. Ал тармакты көтөрө алат деген" - кептер айтылган. Бирок, үмүттөр иш жүзүнө ашкан эмес.

КӨЙГӨЙДҮ ТҮШҮНҮП, КЕМЧИЛИКТЕРДИ ЖОЁЛУ

Саламаттык сактоо министрлигин 30 жыл ичинде 13 министр башкарса да медицинадагы көйгөйлөр толук жоюлган жок. Айрым тармактары өнүгүү жолуна түшкөнү менен адамдардын ден соолугу акыркы учурларда акчага байланып калгандыгы чындык. Жогорку Кеңеште Гүлнара Баатырованын талапкерлиги каралып жатканда да так ушул маселе көтөрүлүп, жаңы министрге медициналык жардамдардын, анализдердин баасын төмөндөтүү, коррупциялык схемаларды жоюу, саясатка аралашпай, элдин саламаттыгы менен алектенүү тапшырмасы берилди. Баатырова бул кемчиликтерди жоюуга аракет кыларын, көйгөйдү жакшы түшүнүп, билерин айтты.

РЕФОРМАЛАР ЖАНА ПРОГРАММАЛАР

Саламаттык сактоо системасы эгемендүүлүк алгандан кийин кризиске кабылды. Өз алдынча жашап кетүүгө аракет кылган тармакта реформаларды жасоо 1996-жылдан кийин гана башталган. Алгач 1996-2001-жылы "Манас" программасы кабыл алынып, Саламаттык сактоо секторун реформалоо – 1, 2 долбоорлору ишке кирген. Долбоор Дүйнөлүк банк тарабынан каржыланып, миллиондогон долларлар сарпталган. «Саламаттык сактоо секторун реформалоо – 2» долбооруна Дүйнөлүк банктын Эл аралык кызматташтык департаменти – 18,0 млн АКШ долларын бөлгөн.

2006-2013-жылдарга Саламаттык сактоону реформалоонун улуттук программасынын алкагында «Саламаттык сактоо жана социалдык коргоо», "Манас таалими" долбоору ишке кирген. Аны каржылоо 106,7 млн доллар деп белгиленген. 2012-2018-жылдары "Ден соолук" Улуттук программасынын долбоорунун алкагында иштер жүргөн.

Кийин 2019-2030-жылдарга калктын саламаттыгын сактоо жана саламаттык сактоо тутумун өнүктүрүү боюнча «Дени сак эл – өнүккөн өлкө» программасы кабыл алынган. Бул программаны аткарууга 37,0 млн АКШ доллары бөлүнгөн. Азыр министрлик дал ушул программанын алкагында иш алып барат. Ошентип, министрлик 31 жыл аралыгында медицина тармагын өнүктүрүүдө Улуттук программанын алкагында иштеди.

Аларды ишке ашырууга миллиондогон сомдор эмес, долларлар жумшалган. Бирок бул программалардын ичинен "Манас" программасы гана жакшы натыйжа бергендиги айтылып жүрөт.

Программанын алкагында 1996-2005-жылдары үй-бүлөлүк медицина институту киргизилип, бүтүндөй өлкө боюнча үй-бүлөлүк дарыгерлер топтору түзүлгөн. 2700гө жакын терапевт, педиатр, акушер-гинекологдор үй-бүлөлүк медицина боюнча кыска мөөнөттүү курстарда кайра окутулган. Үй-бүлөлүк дарыгерлер менен камсыздоо 2005-жылы 74%ды түзгөн.

Андан кийин натыйжалуу иштеген программа катары «Ден соолук» программасы аталган. 2012-2018-жылдары программа жүрөк-кан тамыр ооруларын көзөмөлдөө, эне-баланын ден соолугун коргоо, кургак учукту жана башка дарттарды эмдөө аркылуу азайтууну көздөгөн. Программа ишке ашырылгандан кийин 30-39 жаш курактагы адамдардын арасында жүрөк-кан тамыр ооруларынан улам болгон өлүм учурлары кыскарган. Кургак учуктан, ошондой эле инсульттан болгон өлүмдөрдүн көрсөткүчтөрү төмөндөгөн. Программалардын алкагында өлкөдө пландык эмдөө (вакцинация) иштери да жакшы жүргүзүлгөн. Бирок, Улуттук программаларды ишке ашырууда аракеттер көп көрүлгөнү менен айрым медициналык көйгөйлөр дале ачык бойдон калып келди. Алар: өлкөдө мамлекеттик бейтапканалардын диагностикалык лабораторияларынын жоктугу, коррупция, дары-дармектердин сапатсыздыгы сыяктуу маселелер. Эми саламаттык сактоо тармагына дайындала турган министр бул көйгөйлөрдү көтөрүп чыгып, маселени чечүүгө аракет жасайт деп ишенебиз.

КУТУРМАДАН САК БОЛУҢУЗ!

Ушул аптада Ош облусунун Араван районунда 8 жаштагы бала кутурма оорусуна шектелип, ооруканага жаткырылды. Дарыгерлер баланын абалы орто оор деп айтышууда. Маалыматка караганда баланы мышык тытып алган.

Эске салсак, 1-сентябрь күнү Базар-Коргон районунун 72 жаштагы тургуну дарыгерлерге кайрылып, кутурма оорусуна чалдыкканы аныкталган. Карыяны бир ай мурун күчүк тиштеп алгандыгы маалым болгон. Дарыгерлердин аракетине карабай карыя каза болуп калган. Жыл башында Аксы районунун бир тургуну да кутурмадан каза тапкан. Андыктан, Саламаттык сактоо министрлиги үй жаныбарларын эмдетүүнү жана алар тиштеп же тытып алган учурларда дароо дарыгерлерге кайрылуу керектигин эскертти.

Кутурма дартына адам үй жаныбарларын кармоо эрежелерин туура сактабагандан, малды жана башка жандыктарды убагында эмдебей жана медициналык жардамга кеч кайрылгандан улам чалдыгат.

Кутурма кайдан жугат?

Оорулуу ит-мышыктардын, түлкү-карышкырлардын жана башка айбанаттардын тиштешинен жана шилекейинен жугат.

Кутурмага чалдыккан адамда пайда болуучу алгачкы белгилер:

- Тиштеген жердин жарасы толук айыкса да ооруп, дүүлүгүп турат;
- Тиштеген жер сезгенип, кызарып, шишийт;
- Дене табы 37,3 градуска чейин көтөрүлөт;
- Суудан коркуу сезимдери пайда болот.

Жаныбарлардан зыян тарткан адам жараны дароо жылуу суу менен самындап жуушу керек. Канды соруп чыгарууга такыр болбойт.

Бетти даярдаган
Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

"Кырчын – 70"

“Кырчын” журналынын башкы редактору, акын Тынчтыкбек НУРМАНБЕТОВ:

“КЫРЧЫНДЫ” КЫЙДЫРБАЙМЫН КЫЙДЫЛАРГА”



Быйыл өспүрүмдөрдүн республикалык “Кырчын”, мурдагы “Жаш ленинчи” журналы 70 жылдык юбилейин белгилегени турат. Юбилейдин алдында журналдын башкы редактору, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, акын Тынчтыкбек Нурманбетовду кепке тарттык.

- Тынчтыкбек Асанкулович, быйыл балдардын “Кырчын” журналы 70 жылдык маараке син белгилейт. Адегенде журналдын тарыхына бир аз саресеп салып кетсеңиз.

- Тарыхый чындыкты, кырдаалды да эске алыш керек. Журналдын башаты тээ совет дооруна барып такалат. Журнал 1952-жылдын январь айынан тартып Кыргызстан ЛКЖС БКнын органы болуп чыга баштаган. Балдар акыны Муса Жангазиев биринчи редактору болгон. Андан кийин балдар жазуучусу Шүкүрбек Бейшеналиев, белгилүү жазуучу Касым Каимов, Акматбек Солтобаев, акындар Смар Шмеев, Жалил Садыков, Мариям Буларкиевалар жетектеп турган. Мариям Буларкиева эже 1987-жылдарга чейин башкы редактор болгон. Дал ошол жылдары журнал телчигүү, калыптануу, өсүү жолдорун басып өткөн. Дээрлик 85 миң тираж менен чыкчу. Балдардын көркөм адабиятка болгон табитин калыптандырып, алардын жаш курагына ылайык келе турган чыгармаларды жарыялап турган. Журналдын биринчи санынан тартып Түгөлбай Сыдыкбеков, Аалы Токомбаев, Темиркул Үмөталиев, Абдрасул Токтомушев, Шүкүрбек Бейшеналиев, Кубаныч Акаевдин чыгармалары жарык көргөн. Ошол учурда жаш акын болгон, кийинчерээк эл акындарына айланган дээрлик бардык акын-жазуучулар катышып турган.

- Сиз “Кырчын” журналына качан, кантип башкы редактор болуп калдыңыз? Кайсы жылдар эле?

- Жетимиш жыл деген оңой убакыт эмес. Мурдагы “Жаш ленинчи”, азыркы “Кырчын” журналында мен дээрлик 35 жылдан бери башкы редактор болуп иштеп келе жатам. Журнал менен тагдырлаш болдум деп айтсам да болот. “Кырчын” журналы жетимиш жылдан бери эл менен эгиздей болуп, жаш муундарды, жеткинчектерди тарбиялоодо чоң эмгек сиңирди. Кантип редактор болуп калганымды буга чейин эч бир жерде, эч кимге айткан эмес элем. Ал учурда “Ала-Тоо”, “Чалкан”, “Жаш ленинчи” журналдарында башкы редактор болуп иштөө эмес, жөн эле катардагы кызматкер болуп иштөөнүн өзү бакыт болгон. Редакциянын босогосун аттап киргенден ыйбаа кылып турчубуз. Ал жерде иштегендердин артынан суктана карап калар элек. Эсимде, 1985-жылы “Жаш ленинчи” журналына бир бет ырларым чыкты. Кубанганыман тим эле жерге баспай учуп жүрдүм. Журналды күркөлөрдөн кайра-кайра сатып алып окуйм. Күндөрдүн биринде 1987-жылы март айында болсо керек эле, Эркиндик гүлбагынан кыргыздын таланттуу жазуучусу Төлөгөн Касымбековду жолуктуруп калдым. Төкөм ал кезде куугун-сүргүндөн кутулуп, ВААПка жетекчи болуп барып калган. Мага кайрылып: “Ай, бала, сен редактор болосуңбу?” деп сурады. Оозум ачылып калды. “Каякка?” десем, “Жаш ленинчи” журналына" деди. Аябай айрантаң калдым. “Кантип?” десем, “анда сен мага эртең жумушка келчи” деди. ВААП ошол кезде азыркы “Аманбанк” турган жерде болчу. Төкөм Кыргызстан ЛКЖС БКнын идеология боюнча секретары Эркин Мухтаровичке кирип “Жаш ленинчи” журналына беш-алты айдан бери редактор жок, бош турат. Бир шахтердун баласы бар, өзүм окууга өткөрүп, көз салып жүрөм. Өзү ыр жазат. Ошонун талапкерлигин карап көрбөйсүңөрбү” деп мени айтыптыр. Анда Эркин Мухтарович “макул, сиз айткан жигит мага бир келсинчи, өзү менен сүйлөшүп көрөйүн” дептир. Ошондон он-он беш күн өткөндөн кийин Кыргызстан ЛКЖС Борбордук Комитетинин 1-секретары Тынычбек Табылдиевич мени чакырып калды. Кечки саат 5ке чакырган эле. Келсем жок экен. Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин пленумуна катышып жүргөн экен. Мен саат 7ге чейин көшөрүп күтүп олтурдум. Бир убакта келип калды. Анан сүйлөшүп жон-терими байкап көрдү да, минтип айтты: “Тынчтыкбек Асанкулович, макул мен сизди ишке алайын, бирок, сиз эртең эле мага үй сурап келбейсизби?” деди. Мен “жок, келбейм” дедим. Акыркы шылтоо ошол эле. Анткени, мага атаандаш чыккан башка талапкерлер да бар болчу. Андан кийин деломду көтөрүп алып Москвага, ВЛКСМ Борбордук Комитетине аңгемелешүүгө бардым. Ал кезде тартип ушундай болчу. Бардык кызмат Москванын макулдугу менен чечилчү. Документ салынган конверт жабылган, бирок ичинде менин документим бар экенин билем. Москвага барып үч күн жүрдүм. Казак, татар, башкыр, түркмөн, өзбек тилиндеги гезит-журналдардын баарын тартипке келтирип бердим. Үчүнчү күнү Борбордук Комитеттин идеология боюнча Пальцев деген секретары бар экен, ошол киши сизди кабыл алат деди. Эшиктен “Саламатсызбы?” деп киргенимде эле “Вы до тех пор хвалите вашего Айтматова” деп калды. Мен бир азга эмне деп жооп береримди билбей дендароо боло түштүм. Себеби, суроо күтүүсүз берилди. Ошол кезде Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” романы жарыкка чыгып, кызуу талкуу жүрүп жаткан. Мен да жөн турбай: “Эгер Айтматов татыктуу болсо, эмне үчүн мактабашыбыз керек” десем эле, сектор башчысы менин бутумду акырын басып, башын ийкеди. Мен жоошуй түштүм. Анан ал “биз адегенде Прибалтиканы, андан кийин Кавказды жоготтук эле, эми кезек силерге келди” деди. Мен сөздүн төркүнүн түшүндүм. Көрсө, дал ошол жылдары айкындуулук, ачык айтуу деген желаргы жүрүп калган болчу. Мен “эгер мага ишеним көрсөтсөңүздөр, ВЛКСМ БКнын он сегизинчи сьездинин чечимдерин турмушка ашырууга болгон күчүмдү жумшайм” деп орусча билген сөздөрүмдү чала могол айтсам эле, күлүп туруп кол коюп берди. Эми бул 1987-жылы 29-майда болгон иш. Ошондон так бир ай өткөндөн кийин Борбордук Комитеттин пленумунда мени “Жаш ленинчи” журналына башкы редактор кылып дайындашты. Мен анда отуз беш жашта элем. Ошол мезгилден азыркы күнгө чейин журнал менен тагдырлаш болуп, чыгарып келатам. Союз мезгилинде басма сөзгө өзгөчө маани берилчү. Көрдүңүзбү, жупкадай журналдын башкы редактору болуш үчүн Москвага барып макулдук алып келиштин өзүндө эмне деген саясат жатат. Мен муну биринчи жолу сизге гана ачык айтып жатам, эсил кайранТөлөгөн Касымбековдун арбагы ыраазы болсун. Эркин Мухтаровичтин да көзү өтүп кетти, анын да арбагы ыраазы болсун.

- Тынчтыкбек Асанкулович, СССРдин бийлиги жүрүп, анын идеологиясы кынтыксыз ишке ашып турган мезгилде сиз “кыргыз тилине мамлекеттик макам (статус) бериш керек” деген ойду Кыргызстан ЛКЖС БКнын он алтынчы пленумунда айтып чыктыңыз. Ал кезде антип айтып чыгыштын өзү опурталдуу эмес беле? Мындай чечимге сиз кантип келдиңиз? Анын кесепети керт башыңызга тийип калат деп ойлободуңузбу?

- Эне тил адамга эне сүтү менен кошо келип кан-жанга сиңет эмеспи. Ошол кезде кыргыз тилдин абалы мышык ыйлай турган абалда болчу. Ал кезде кыргыз тили ашканадан, очоктун боюнан чыкпай калган. Бул менин көкүрөгүмдү көптөн бери өйүп жүргөн маселе болчу. Мен ал кезде “Мугалимдер газетасында” иштейт элем. “Эне тилим” деген лирикалык-публицистикалык поэма жазгамын:

Эл туруп эне тилин унуткан бар,
Эл безер атка конуп куруткан бар.
Эненин сүтүн эмип, тилин билбей,
Эненин-сай-сөөгүн сыздаткан бар.

Өгөө болуп өгөй берет дайыма,
Күндүр-түндүр тынчтык бербей жаныма.
Эки дүйнө унутууга акым жок,
Эне тилим сиңген каны-жаныма.

Камчы чаап абийириме айтпайм жалган,
Кыргыз бар кыргыз тилин билбей калган.
Кайгы жок караан калгыр мындан өткөн,
Билгенге мындан оор болбойт арман.

Ал 25 куплеттен турган поэма эле. Ошол кезде Чыңгыз Айтматовдун борбордук “Правда”, “Комсомольская правда” гезиттерине кош тилдүүлүк, эне тилге болгон мамиле тууралуу макалалары жарык көрө баштаган. Ал кезде мен башкы редакторлук менен бирге Кыргызстан ЛКЖС БКнын мүчөсү да болуп калгамын. Ал кезде менин тил тууралуу айтканга акым да жок болчу. Апсамат Масалиев Кыргызстан КП БКнын 1-секретары эле. Ал кезде жакшы болчу. Республиканын жетекчиси комсомолдун пленумдарына толук катышчу. Баягы Киселев, Семенов, Рябоконь сыяктуу Москванын амири менен келген 2-3-секретарлар да катышып жаткан. Пленумда төртүнчү болуп мага сөз берилип калды. Мен комсомолдун райондук бөлүмдөрүнөн тартып борбордук аппаратка чейин иштөө стилин жакшыртыш керек деп айттым. Мында эч кандай маселе жок. Бирок, "жолдоштор, биз Конституцияга ылайык ал иш-чараларды эне тилибизде жүргүзүшүбүз керек. Биздин бөлүнүп, өз алдынча мамлекет болгонго да укугубуз бар деп жазылып турат. Бирок, биздин азыркы абалыбыз өтө эле оор бойдон калып жатат. Кыргыз тилинде шаарда жалгыз 5-мектеп бар, бала бакчалар жок. Кош тилдүүлүк жөнүндө маселе көтөрүлдү эле, бирок ал жаатта да эч кандай иштер жүргөн жок. Улуттук журналистикага салым кошуп келе жаткан “Мугалимдер газетасы”, “Кыргызстан пионери” сыяктуу гезиттер өз алдынчалуулугун жоготуп, жалаң котормо, дубляж болуп чыга баштады. Ал же орусча эмес, же кыргызча эмес. Же кыргыздын чекесин жылытпайт, же орустун чекесин жылытпайт. Ушундай арасат, ортосаар абалда калдык” деп айтканымда эле залда олтургандар менин сөзүмдү коштоп дүркүрөтө кол чаап жиберишти. Абсамат Масалиевич ордунан тура калып “эгерде Кыргызстан ЛКЖС БКнын мүчөсү кыргыз тил багытында жүрүп жаткан иштерди түшүнбөсө, башка киши кайдан билсин” деп айтып калды. Мен да жөн турбай “Абсамат Масалиевич, мен аны эң сонун билип эле турам, бирок сиз менен биз орусча сүйлөшүп жатпайбызбы” деп орусча айттым. Ошентсем, элдер дагы кол чаап жиберишти. Сөзүмдү бүтүп, трибунадан түшүп кеттим. Аликбек Жекшенкулов комсомолдун секретары эле, “Тынчтыкбек Асанкулович, сиз эмне Абсамат Масалиевич менен урушуп кеттиңиз” деди. Мен өз оюмду айттым деп жооп бердим. Танаписке чыктык. Комсомолдун Борбордук комитетинде иштеген Замира Акбагышева менен Бактыгүл Каламбековалар Аксакалдар чайканасына алып барып чай алып беришти. Кыргызстан КП БКнын 1-секретары нааразы болуп, жанагинтип сөзүмдү бөлүп айтып жатса ойлонот экенсиң да. Бир заматта эркек досторум, тааныш-билиштерим качып жок болду. Менин жаныма эч ким жолобой калды. Чайын ичтим, бирок тамагы өтпөй койду. Танапистен кайра кирип баратканыбызда Тынычбек Табылдиевич мени "бери кел" деп чакырды. Өлдүм дедим. Анын ары жагында Апсамат Масалиевич туруптур. Учураштык. Колу тим эле пахтадай жумшак экен. Азырга чейин эсимде. Анан Масалиев “ай, Тынчтыкбек, сен өзү кандай баласың, бурч-бурчтан чыга калып эле кыйкыра бересиңерби. Тилге анчалык эле күйөрман экенсиң, ишти тынч эле бүтүрө бербейсиңби. Эмне, Масалиев кыргыз тилине каршы дейсиңби? Бар, иштей бер, балам” деди. Уккан кулагыма ишенип, ишенбей, терим кургап, кургабай туруп калсам, артыман бирөө сөгүп калды. Ал Эркин Муктарович экен. Кийин мамлекеттик тилдин кабыл алынышынын 25 жылдыгына карата “Эл дөөлөтү – эне тил” деген көлөмдүү китеп чыкты. Ошол китепке менин баягы сүйлөгөн сөзүм “Тил тагдыры – эл тагдыры” деген ат менен чыккан. Аны азыр окуп алып да коркуп кетем. Жаштыкка салып, мекенчилдик сезимим ойгонуп, ханга, бекке карабай айтып жиберген экемин. Москвага барып келгениме 2 жыл болсо, Борбордук Комитетке мүчө болгонума 1 жыл боло элек болсо деп ойлонуп калдым. Эми кыргыз тили үчүн кызматтан кетсем кеттим да деп калдым. Анан баштагы поэмамды кайра улап минтип жаздым:

Эне тилим эчен кылым карыткан,
Эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан.
Эне тилим эстелигим урабас,
Келбес жайга кеткенимде жарыктан.

(Уландысы бар)

Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Кут даарыган Сары-Өзөн!

Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Бактыбек АНАРКУЛОВ:

"БЫЙЫЛ ТҮШҮМ МОЛ БОЛДУ"

Анаркулов Бактыбек Кочкоровичтин аталган районго аким болуп келгенине туура 1 жыл болду. Жыл ичинде экономикалык жана социалдык көрсөткүчтөр көтөрүлдү. Аракеттер акыбетин берүүдө. Райондун турмушундагы жарк эткен жаңылыктар тууралуу айтып олтурсак сөз узак. Андыктан ток этер жасалган иштердин негизгилерине гана токтолууну чечтик.

- Бактыбек Кочкорович, айтыла берип аягына чыкпай калган түмөн түйшүктөрдүн үстүндө иштөө, курч көйгөйлөрдү чечүү жеңил болбойт. Мына ушул багытта сөздү улантсак...

- Райондун эли-журту менен таанышуу мезгилинде жагдай алаканга салгандай белгилүү болуп чыга келди. Жетишпестиктер, кемчиликтер арбын болгондуктан оболу пландап алууну көздөдүк. Райондун экономикалык жана социалдык программасын түздүк. Ошондой эле айыл аймактардын программаларын иштеп чыгып, эришаркак иш жүргүзө баштадык. Албетте, социалдык курч көйгөйлөрдү тизмектесек: мектеп, бала бакча, жол, электр энергиясы, таза суу баш болгон муктаждыктар чыга келет. Ар бир эл менен болгон жолугушууларда, жыйындарда туура маселелер бутага тийип жатты. Куру убададан пайда чыкпасы белгилүү, андыктан кайсы гана милдеттерди албайлы тактап, мүмкүнчүлүктүн жетишинче аткарууга белсендик. Айтылган маселелерди чечүү үчүн албетте, биринчи кезекте каржы керек. Райондук өнүктүрүү фондун чыңдоо менен облустук өнүктүрүү фонду менен кызматташуу жолго салдык. Эл аралык алакаларды бекемдеп, тил табышуу айтарлык ролун ойноп жатты. Айрыкча араб туугандардын кайрымдуулук фондулары менен кызматташуу оң натыйжаларын берүүдө.

Айталык, быйыл 2 жаңы мектеп салынды. Жыл этегине чейин дагы 2 мектеп пайдалануурга берилет. Катар мамлекетинин кайрымдуулук фондусунун эсебинен Пригородный айыл аймагында социалдык айыл курулууда. 25 үйбүлө үчүн заманбап үй салынууда, ал муктаждарга берилет. Турмушу начар, багары жок жарандардын жаратын айтсак, алар биринчи кезекте турак жайга муктаж. Ачыгын айтканда араб туугандардын соопчулугуна кандай рахмат айтсак жарашат. Аталган курулуп жаткан айылда батирлерден тышкары мектеп, бала бакчалардын сааты чыгат. Учурда таза суу менен камсыз кылуу жагын караштырып жатабыз. Сентябрь айынын этегинде ачуу салтанатын жасайбыз. Ушул эле айыл аймагына караштуу Озёрное айылында араб туугандардын кайрымдуулук фондусу аркылуу жаңы мектеп салынууда. Октябрь айында пайдалануурга берилет. Бул айылдын таза суу маселеси да чечилди. Андан сырткары 5 чакырым жол асфальтталды. Райондук фонддон 5 млн сом бердик.

Аламүдүн айыл аймагында көп жылдан бери таза суу маселеси чечилбей келген. Каржынын тартыштыгынан кечеңдетилген. Мына эми райондук өнүктүрүү фондунун жана айыл аймактын өзүнүн каржылык салымы менен таза сууга болгон муктаждык чечилүүдө. Адамүдүн айыл аймагында бир катар жакшы иштер илгерилеп жатат. Учурдагы чоң көйгөй транспорт меселеси. Айрыкча окуу жылы башталганда кичи автобустар жүргүнчүлөргө толуп, окуучулар батпай мектепке кечигип келгендер арбын. Ошондуктан айыл аймактын өз бюджетинин эсебинен жергиликтүү элдин кызыкчылыгы үчүн автобустарды сатып алуунун астында турабыз. Аламүдүн айыл аймагындагы мындай саамалыктарды башка айыл аймактарында да жайылтуу келечектеги ишибиз. Борборго жакын жайгашкандыгыбыздан улам республикабыздын туш-тарабынан келгендер көп. Ички миграциянын агымы күч. Ушул эле Аламүдүн айыл аймагына АРИС долбоорунун алкагында балдардын ден соолугун чыңдоочу борборду куруудабыз. Чатырлары жабылып калды. 8,5 млн сом жумшалууда.

Таш-Дөбө айылында 15-20 жылдан бери суу маселеси чечилбей келген. Мына эми облустук өнүктүрүү фондусу 10 млн сом бөлүп берди. Андан тышкары демөөрчүлөрдүн колдоосу менен зарыл скважиналарды курууну баштадык.

Эл менен болгон жолугушууларда айыл турмушу менен кең-кесири таанышууга туура келди. Өкүнгөнүм, айыл маданияты артта калыптыр. Айылдарда алгылыктуу маданий жайлар жок, көздөн учат.

Баса, быйыл Эгемендүүлүгүбүздүн 31-жылын залкар инсан Байтик баатырдын 200 жылдыгы менен биргеликте белгиледик. Байтик баатырдын киндик каны тамган жери Аламүдүн району болгондуктан, биз айрыкча даярдык жана уюштуруу иштерине чын дилден катыштык. Баатырдын атын алып жүргөн Байтик айыл аймагында жасалчу иштер көп экен.

Байтик айылында тээ союз учурунда курулган 2 кабат маданият үйүнүн эскилиги жеткен. Кароосуз калган. Мына ушул маданият үйүн кайрадан куруу иштери жанданды. Облустук өнүктүрүү фондунан 11 млн сом жана райондук өнүктүрүү фондунан 1,5 млн сом бөлүнүп, курулуш жумуштары кызуу темпте жүрүүдө. Эми айта берсек район боюнча алганда маданият жайларынын абалы начар. Маданиятсыз жашоо мүмкүн эмес. Билим берүү, медицина жана башка тармактар кандай баалуу жана зарыл болсо, маданият тармагы да ошондой зарыл экендиги талашсыз чындык.

Алдыңкы мугалимдер сыйланды

Районубуздагы алдыңкы айыл аймактардын бири Лебединовкада жылыштар арбын. Көчөлөрүн аралап көркүнө көзүң тоёт. Жакында 4 көчө жаркырап асфальтталды. Мында жаңы конуштарда жашагандарга камкордук Аламүдүн айыл аймагынан мурда эле башталган. Өз бюджеттеринин эсебинен 4 автобус алышкан. Жаңы конуштарда жашаган окуучулардын, жалпы эле жүргүнчүлөрдүн жол азабы жеңилдеди.

Талаачылык иштерди кыдыруу учурунан

Бул айыл аймак борборубузга жакын жашагандыктан шаардыктардан кем калбай жашоого максат кылышкан. Тазалыкка айрыкча көңүл бурушат. Экофонддон 4 таштанды чыгаруучу техникаларды алышты.

- Ар бир айыл аймактардын өнүгүүсү барып-келип эле каржыга барып такалат. Андыктан жергиликтүү бюджеттерди чыңдоо зарыл. Аракеттериңиздердин акыбети кайта баштаптыр. Каржалбай жашоонун сыры эмнеде?

- Каржы демекчи ар бир айыл аймактарынын жергиликтүү бюджеттерин чыңдоого тийишпиз. Биринчи бирден-бир максатыбыз дотацияда турган айыл аймактарын чабал көрсөткүчтөрдөн чыгаруу. Экономикалык жана социалдык жактан өнүктүрмөйүнчө жергиликтүү бюджеттерди чыңдай албайбыз. Аракеттерибиздин жыйынтыгы чыгууда. Дотацияда 4 айыл аймак болгон болсо, мындан 2 айыл аймагы чыкты. Жыл этегине чейин дагы 1 айыл аймагы чыгууга тийиш. Жергиликтүү бюджеттерди көтөрүү максатында өндүрүштүк ишканалардын келишимдерин салык, статистика жана башка тийиштүү мекемелер менен биргеликте кайрадан карап жатабыз. Жагдайларга жараша тиги же бул обьекттерди кайрадан инвентиризациялоону колго алуудабыз.

Аракеттерибиз текке кетпеди. Жергиликтүү бюджетти 58 млн сомго көтөрдүк. Бул жакшы көрсөткүч. Жакында Васильевка айыл аймагы дотациядан чыкканы калды. Бул аймакта 100 адамдык тигүү цехи ачылды. Быйыл жыл башынан бери 17 жаңы ишкана ачылып, 500 жаңы жумушчу орун пайда болду. Мындай кадамдарга мындан ары да бара беребиз. Башкалардан суранбай өз бюджетибизди жумшап жол курсак, бала бакчаларды салсак албетте, жакшы болмок. Изденүүсүз ийгиликтер келбейт.

- Күтүрөгөн күз да аяктап баратат. Кырманыңыздар кызылга толдубу?

- Быйылкыдай мурдагы жылдары мол түшүм алган эмеспиз. Себеби, мамлекет тарабынан жер иштетип, мал баккандарга баба дыйкан, фермерлерге камкордуктар тийиштүү деңгээлде көрүлбөгөн. Ал эми быйыл мамлекет тарабынан аз пайыз менен берилген насыялардын, сапаттуу үрөндөрдүн натыйжасында мээнеттерибиз акталды.

Мол түшүм алуу үчүн сугат суу жетиштүү болууга тийиш. Тилекке каршы, буга чейин сугат жана ирригациялык тармактарга да жетиштүү дегээлде камкордуктар көрүлгөн эмес. Быйыл биздин райондун сугат жана ирригациялык тармагына жетиштүү каржы бөлүндү. 1,5 млн сомду максаттуу пайдалануурга жетиштик. Ички чарбалык каналдар, арыктар нечен жылдан бери каралбай калган экен. Ашар ыкмасы менен ынтымакта тазалап алдык. Сугат суунун саатын ачып, каналдар, бассейндер, суу сактагычтар, көлмөлөр тазаланып сууга болгон мамиле түп тамырынан жакшырды. Сугатсыз түшүм болбойт турбайбы, быйыл жаан да, суу да жетиштүү болгондуктан ташка чейин чөп чыгып, түшүм биздин райондо зор болду. 14 миң гектарга кылкандуу дан эгиндери айдалган. Ар гектар аянттан 80 центнерден түшүм алгандар да бар. Кайракынын ар гектарынан 25 центнерден, орто эсеп менен алганда ар гектар аянттан 50 центнерге чейин алдык. Буйруса, келерки жылы сапаттуу үрөндөр менен өзүбүздү толук камсыздоого тийишпиз. Сапаттуу үрөндөр менен камсыз кылуучу кооперативдик чарбаларыбызды чыңдап, шарттарын жакшыртабыз.

- Алдыда кандай максаттарыңыздар бар?

- Биздин райондогу олуттуу маселелердин туу башында жер маселеси турат. Мыйзамдуу жана мыйзамсыз жерлердин айланасындагы кемчиликтерди толук чечүүгө кириштик. Бизге 10 миңден ашык арыздар келип түшкөн. Баары мына ушул жерге байланыштуу. Учурда комиссия иштеп жатат. Мыйзам чегинде чечип алсак, арызданган-дардын саны кыскарат.

Биздин район көп улуттан куралган. Демек, бизге ынтымак абадай зарыл. Бардык салтанат, майрамдарда калк кызыкчылыгын көздөгөн иш-чараларда баарыбыз бир үй-бүлөдөй катышып, достукту бекемдейбиз. Кандай гана спорттук иш-чаралар, мелдештер болбосун моралдык жана материалдык колдоолорду көрсөтөбүз. Эл үмүтүн актоого бардык мүмкүнчүлүктөрдү жумшай беребиз.

Айчүрөк МАКЕШОВА

АААЛАМГА ЖОЛ АЙЫЛДАН БАШТАЛАТ

Он-Эки-Бел айыл өкмөтүнүн башчысы Азизбек ШАМУРАТОВ:

«ЭМГЕГИМДИ, БИЛИМИМДИ АЙЫЛДЫ ӨНҮКТҮРҮҮГӨ ЖУМШАЙМ»

Шамуратов Азизбек Гыламидинович Ноокат районундагы Бел айыл өкмөтүндөгү Бел айылында 1987-жылы 3-январда жарык дүйнөгө келген. Орто мектепти аяктаган соң, 2004-жылы ОшМУнун тарых-юридика факультетинин бажы бөлүмүнө тапшырып, ийгиликтүү аяктайт. 2009–2011-жылы Ноокат райондук прокуратурасында коомдук жардамчы, 2011–2020-жылдары «Кыргыз почтасы» Мамлекеттик ишканасынын Ноокат райондук филиалынын «Борбаш» байланыш бөлүмүнүн башчысы, 2010–2020-жылдары «Бел» айылдык Кеңешинин депутаты, 2020-ж. «Бел» айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары болуп эмгектенген. 2022-жылдын 11-майында, Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акимдин буйругу менен Азизбек Шамуратов Он-Эки-Бел айыл өкмөтүнүн жетекчиси болуп дайындалат. Азизбек мырза адамгерчиликтүү, өз ишине так, жоопкерчиликти сезе билген, уюштуруучулук жөндөмү бар жетекчи. Музыка угууну, китеп окуганды жана спорт менен машыкканды жактырат. Үй- бүлөлүү, бир уул, бир кызды өмүрлүк жубайы экөө тарбиялашууда.

АЙЫЛДА АЛГЫЛЫКТУУ ИШТЕР КӨП

Ноокат районундагы Он-Эки-Бел айыл өкмөтүндө ушул мезгилге чейин көптөгөн жетекчилер иштеп кетишкен. Алардын иштеди деген гана аты болбосо, көзгө көрүнүктүү бир иш кылганын байкабадык. Ал эми учурда жогорку билимдүү, жаш, эл менен тил табышып иштей билген, элдин мүдөөсүн канааттандырууга бел байлаган Азизбек Шамуратов айыл өкмөтүнүн жетекчилигине келди.

Айыл өкмөтүнүн эшигинин алдында брусчаткалар бастырылган. Имараттын ичине «Бирдиктүү терезе», «Айыл банктын» терминалы орнотулган. Айылдын тургундары алыскы райондун борборуна убара болуп барышпастан, ар кандай төлөмдөрдү терминал аркылуу төлөшүп, айылдын эли ыраазы.

Айыл өкмөтүнүн эскирген иш бөлмөлөрү ремонттолуп, жаңы эмеректер менен толукталган. Ал эми кызматкерлер болсо, айылдын тургундары менен тыгыз байланышта иш алып барышат. Алардын суроолоруна жооп берип, тиешелүү жерге барууга багыттап сылык мамиле жасашат. Ар бир кызматкер компьютер менен иштейт.

Он-Эки-Бел айыл өкмөтүндө 2022-жылдын алты айында бир топ алгылыктуу иштер аткарылды. Айта кетсек, Эл аралык долбоорлор менен иштешип, инвестиция тартуунун көлөмүн жогорулатышып, натыйжада бир канча ишканаларды ачышты. Аткарылган иштер боюнча айтсак, 2021-жылдын он эки айында салыктын 8 түрү боюнча жеткирилген план тапшырма 2113,9 миң сом болсо, иш жүзүндө 2275,4 миң сом жыйналып, тапшырма 107,6 пайызга аткарылган.

Жанара Абдивасова, айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы

Айыл өкмөттүн жамааты

АЗЫК-ТҮЛҮК НЕГИЗГИ МАСЕЛЕ

Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу боюнча түзүлгөн индикативдик пландын негизинде 308 гектар аянтка себилген күздүк буудай азоттук минерал жер семирткичтер менен азыктандырылды. Быйылкы жылы жазгы талаа жумуштарынын алкагында 83 гектар аянтка жазгы кылкандуу дан эгиндери себилип, дыйкандар аны жыйнап алышты. Андан сырткары малга тоют болчу жүгөрүнү эгишти. 71 гектар картошка, 93 гектар жашылча эгишти. Айыл аймагынын сугат жана айдоо жерлеринде пайдаланбай калган бош жерлер жок. Айыл аймагынын 211 гектар аянтына айдалган көп жылдык чөптөрдүн түшүмдүүлүгү орточо. Кылкандуу дан эгиндерин оруп-жыйноо иштери жемиштүү болду.

Он-Эки-Бел айыл өкмөтүнүн кире бериши

ИШКЕРЛЕРДИН ЖАРДАМЫ ЧОҢ

Быйылкы жылы айыл аймагында жалпысынан алганда 21 жеке ишкананын жетекчилери өз ишмердүүлүгүн мыкты жүргүзүшүп, 49 жаранды жумуш орду менен камсыздашты.

Ишкерлер тарабынан Он-Эки-Мойнок айылына 7 млн сомдук соода борборунун курулуш иштери бүткөрүлдү. Мырза-Найман айылына курулуп жаткан эс алуучу жайдын курулуш иштери да аяктоо алдында турат.

Ошондой эле А.Нарматов атындагы «Өрнөк» орто мектебинин спорт залы жана ашканасынын курулуш иштери жүргүзүлүп жатат.

Кыргыз Республикасынын Президенти С. Жапаров «2022-жылды Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы» деп жарыялаганына байланыштуу, тоолорду өнүктүрүү максатында Нарай айылынын жайытына 2000 түп мисте жана бадам көчөттөрү отургузулду. Ошондой эле жайытка 5000 түп Повлония дарагы багбандар тарабынан тигилди.

Он-Эки-Бел айыл өкмөтүнүн аймагындагы ички айылдагы 13 километр аралыктагы арыктар тазаланып, жол жээгине эгилген бак-дарактар кесилип, жолдор кеңейтилди.

Нарай айылында «CASA - 1000» долбоору аркылуу 4 даана КТП-400, 46 даана столбалар жана 1980 метр электр чубалгылары, электр жабдуулары алынып берилип, пайдаланууга берилди.

Он-Эки-Бел айыл өкмөтүнүн элди социалдык жактан коргоо бөлүмүнүн жетектөөчү адисинин 2022-жыл үчүн бекитилген ишпланын аткаруу жана жергиликтүү жашоочулардын социалдык абалын жакшыртуу айыл өкмөтүнүн социалдык маселелери боюнча комиссия курамын жаңылоо үчүн отурум өткөрүлүп, жыйынтыгында комиссия курамы жаңыланды. Материалдык жактан жардам сурагандарга, мыйзамдын чегинде, айыл өкмөтүнүн жетекчилиги тарабынан иш-кагаздары иштелип чыгып, кайрылган жарандарга 14000 сом акчалай жардам берилди.

«Ден соолук – өмүр булагы» демекчи, ооруган жарандарга да камкордук көрүп турушат. Айрыкча, кургак учук менен ооруган жарандарга 18000 сом, ВИЧ-СПИД оорусу менен ооругандарга 60 000 сом өлчөмүндө жардамдар берилди.

Айыл өкмөттүн жетекчилиги тарабынан ар кандай даталуу майрамдарда өткөрүлө турган иш-чараларга жергиликтүү бюджеттин эсебинен акча каражаты бөлүнүп турат.

САНАРИПТЕШТИРҮҮ КОЛГО АЛЫНГАН

Он-Эки-Бел айыл өкмөтүндө 2022-жыл «Санарип Кыргызстан, 2019-2023» Санарип Кыргызстан концепциясын ишке ашыруу жөнүндөгү буйругун ишке ашырууга карата айыл аймагындагы билим берүү мекемелерине видео көзөмөлдөр жана айыл өкмөтүнүн имаратында калкка кызмат көрсөтүүнү электрондоштуруу жана санариптештирүүнү жакшы жолго коюшкан. Санариптештирүү үчүн айыл өкмөтүндө иштеген кызматкерлерди интернет жана компьютер менен камсыз кылуу үчүн 264000 сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттин эсебинен каралган.

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын ноябрь айындагы Эл жана турак жай фондунун протоколундагы бекитилген календардык планда көрсөтүлгөн иш-чараларды аткаруу максатында айыл өкмөтү тарабынан төмөнкүдөй иштер жасалды. Айыл аймагында турак жай жана эл каттоо боюнча айыл өкмөтүнүн башкы адистери жана айыл башчыларынан турган атайын комиссия түзүлдү. Айыл аймагындагы көчөлөр жана турак үйлөр такталып, такта жана номер илинбеген көчөлөргө номерлер коюлду. 2022-жылдын 25-мартынан 3-апрелине чейинки мезгилде турак жай фондун каттоо боюнча жергиликтүү бюджеттин эсебинен 52000 сом бөлүнүп берилди.

Быйылкы жылы Он-Эки-Бел айыл аймагынын Нарай айылындагы «Жаш жеткинчек» балдар бакчасы буга чейин да, азыр да Нарай орто мектебинин эски имаратында жайгашып келет. Андыктан 2022-жылдын экинчи жарымында 100 орундуу жаңы балдар бакчасынын имаратынын курулуш иштери башталды. Нарай айылына «CASA - 1000» долбоору аркылуу толук эмес орто мектепти куруу иштери пландалууда. Учурда документтерди даярдоо иштери жүргүзүлүп жатат. Ал эми салык төлөө боюнча айта кетсек, быйылкы жылдын алты айында берилген плантапшырманы 181%га аткарышып, райондо эң алдыңкы көрсөткүчкө ээ болушту.

Жогорудагыдай ийгиликтерге жетишүүдө айыл өкмөтүнүн жамаатынын да эмгектери чоң. Алардын катарына көп жылдан бери иштеген башкы эсепчи – Каныкей Парманова, жооптуу катчы – Жанара Абдивасова, Нарай айылынын айыл башчысы – Кудайберди Анарбаев ж.б. кирет.

Бурма ЫСАКОВА,
Кыргызстан журналисттер кошуунунун мүчөсү

Адал эмгек астыңа ат, үстүңө тон

ЫСАК КОЧКОРБАЕВ – "НОВОКЫРГЫЗ" ТАЗА КАНДУУ, АСЫЛ ТУКУМ ЖЫЛКЫНЫН НЕГИЗДӨӨЧҮСҮ

(Башталышы гезиттин 80-санында)

Адегенде тулпарды Исхак Раззаков минет. Ал ээрдин башын сол колу менен кармап, сол бутун үзөңгүгө коюп секирип мингенде, күлүк дароо чогулган көп жылкыларды көздөй чуркап, тизгин аттын башынан ылдый түшүп кетет. Ошондо Исхак сол жагына эңкейип тизгинге сол колу менен жетип илип алат. Карап турган элге ал жыгылып бараткандай болгон. Исхак кичинекей кезинен ат минип чоңойгонун көргөздү. Ат минбеген киши мындай учурда, жыгылып калбас үчүн ээрдин башын эки колу менен кармайт эле. Исхак күлүктү тизгин менен тартып, кайра буруп бир айланып келип, тулпарды Будённыйга берет.

Маршал жылкынын жалын сылап, үзөңгүгө бутун койбой эле, сол колу менен ээрдин башын кармап, атка секирип минип, тизгинди колго алып, алыска чейин чаап келип, аттан секирип түшүп, тулпардын жалын сылап мындай деген: - "Чыдамкай күлүк экен, бирок кичинекей", – деп жылкылардын даанышманы маршал Будённый өзү менен кошо ала келген таза кандуу дончак тукумунан Зофир жана Жосир деген эки айгырды "Кеңеш" колхозуна белекке берет.

Ошондо Будённый берген Кертөбөл тулпарды Осмонкул Бөлөбалаев айтышта Калык Акиевге мындай деп ырдайт:

Жээрде кашка аттарың
Шамалбы, желби, куюнбу?
Күпүлдөтө мактасаң,
Олтурган элдин баарысы,
Күлүк го деп туюнду.
Москвадан кечээ эле,
Будённый келип жактырган,
Мойнуна бермет тактырган.
"Кеңеш" колхоз айгыры,
Кертөбөлдөн кыйынбы?
Намыс кылбай аксакал
Аралап кел бир барып
Асыл-тукум уюмду.
Жылкыбыз канча күч берет,
Үйларым тонна сүт берет.

КӨК БӨРҮ

Күлүктөрдү көргөзгөндөн кийин, Сыдык аксакалдын буйругу боюнча көк бөрү деп эскерет улакчы Жумакматтын жубайы Садаш апа. Маршал Семен Будённый, Казакстандын Жогорку Кеңешинин төрагасы, Кыргызстандын Министрлер советинин төрагасы Исхак Раззаков, "Кеңеш" колхозунун башкармасы Ысак Кочкорбаев дөбөдө өздөрүнчө кобурашып турганда Ысак Будённыйга мындай деди:

- Мурун көчмөн кыргыздардын малчыларында мылтыктары жок болгондуктан карышкырлардан малды сактап калыш үчүн эр жигиттер күлүк аттарга минип, карышкырларды кубалап, камчы менен чапкылап өлтүрүшкөндөн кийин, ат үстүндө биринен бири сала тартышып кетишчү экен.

Азыр көк бөрү (карышкырдын) ордуна улак тартыш болуп, улуттук оюнга айланган деп Ысак орусча, кыргызча айтып, Будённыйга түшүндүргөн.

Карышкырдын үйүрүндөй болуп Сынташ колхозунун көк бөрүчүлөрү ат салышып, улакты алып келе жатышты. Ошондо атактуу жылкычы-улакчы Байзак уулу Жумакмат өзүнүн улакчы-жылкычылары: Өтөгул уулу Курман, Малаш уулу Момбек, Чекир уулу Турсункул, Абиир, Жаманкул менен алып келе жаткан көк бөрүчүлөрдүн алдынан тосуп чыгышат. Теке улакты алып келе жаткандар, тандалган, такшалган. Сынташ, Эпкин, Кызыл Желек (Нурманбет) айылдардын улакчылары болчу. Оң, сол жагынан тосуп чыккан биздин кеңештик улакчылар, теке улактын шыйрактарына чөөдөй жабышышты.

Биздин улакчы Турсункул өрттөй жанып, тиштерине камчысын тиштеп, аты менен тик качырып кирип барып, удаалаш жетип, теке улактын алдынкы колунан алды. Жулкуп алып, ат жалына ашырарда колунан шалак этип түшүп кетти. Теке улак түшкөндө аны жерден эңип ала качышка туш-туштан баары умтулду... Жумакмат ат жалына өбөктөп күрөң аттын кулагына:

- Манас ата, ата арбактар колдой көрсүн! – деп камчы чаппай омуроосунан таптап сүйлөшүп баратты. Ордону айланганда күрөң ат кулагын жапырды. Жумакмат түшүндү, камчысын оозуна тиштеп, сол колуна чылбыр алды. Жерде жаткан теке улакка Жумакмат жакындай берди. Ат туягына тебелене берип, топуракка булганып калыптыр. Турсункулга карап жандай чапкыла деди. Турсункул удаалаш чаап, жандай чапкандарга тоскоолдук кылып жатты.

Күрөң ат топ атчандардын арасына тизелеп сойлоп кирип, ээсинин колуна улактын бир жери илингенде, Жумакмат улакты толорсуктан алып көтөрүп, ат жалына ашырып теминген де айт берип текедей жаныбар атырылып, ыргып тура калып улакты алып жөнөгөн.

Сынташтын атактуу улакчысы, улакты алдырып койгонуна ызалана ач карышкырдай болуп карала атынын соорусуна, мойнуна камчы басып, оң тескери айлана келип, тиштери менен камчысын кырча тиштеп, ач калган карышкырдай сол колу менен улактын алдыңкы бутунан кармап келе жатты. Элдин кыйкырык-сүрөөсү күчөдү, ар жамаат өз улакчыларынын атын атап, дем берип жатышты.

Теке улакты топтон сууруп чыккан Жумакмат, чоң коноктор турган жерге карай күрөң аттын башын бурду. Оозундагы камчысынын өрүмүн кырча тиштеп, улакты бутунун оң такымына кысып, ат ойнотуп жүрдү.

"Ана, көк бөрү эр жигиттин оюну!" – деп Сыдык акем, куугунчуларга курчалган Жумакматты камчысы менен көрсөтүп жатты.

- Жанагы күрөң атын минип жүргөн кимдин уулу? – деп Исхак Раззаков жанындагы үзөңгүлөш турган Ысактан сурады.

- Байзак уулу Жумакмат! – деди Ысак.

- Охо! Ат үстүндө олтурушу темирдей бекем экен. Тегерегиндеги көк бөрүчүлөргө жулдура койбойт. Карачы топ жарып, суурулуп чыгып келе жатканын! Жумакмат топтон суурулуп, куйрук улаш, теке улактын астыңкы шыйрагынан тартып келе жаткан көк бөрүчү (карышкыр) менен тартышты. Экөө бири-бирине сес көрсөтөт, аянышпай сөгүнүшүп, ыркырашып, тырмак астынан кан чыкканча тартышып баратты. Жумакмат бир маалда оң бутун үзөңгүдөн чыгарып, күрөң атты капталга чирене тээп, бар күчүн сала тартып, силкип жулуп алып, кош колдоп, башынан өйдө бийик көтөрүп, үзөңгүгө тура калып, желедей учкан күрөң аты менен элдин кыйкырык-сүрөөсүндө журт башчыларга бир аз жетпей теке улакты ыргытты. Бул, ата-салттагы улуктарга жасалчу сый-урмат эле. Артынан жете келген улакчылар да тизгин тарта, Жумакматка катарлаш туруп калышат. Журт башчы, чоң коноктор улакчыларга карай кызыл акчаларын чачышты. Улакчылар жабыла аттарынан күбүлүп түшүп, акча талашка түшүштү. Жумакмат аттан түшпөдү.

- Рахмат агалар! Мартабаңар улук болсун журт башчылар! – деп күрөң атты темингенде, эликтей так түйүлүп, артка кош аягына тикеленип тура калып, астыңкы эки буту менен асман чапчып, камчысын өйдө көтөрүп, боюн алга карай таштап элди көздөй бастырды.

- Жумакмат! Жумакмат! – деген үндөр жаңырып эл толкуп кетти. Казак элинин журт башчысы:

- Жумакмат баатыр экен, бай! Кызыл акчаларга карабады, дымагы күчтүү, дээринде бар жан экен. Улуктарга урмат кылып, көк бөрүнү таштаган ата-салт!

- Нарк-нусканы билген уулуңарга рахмат!

- Таанышалы, чакыргыла! - деди казак элинин журт башчысы. Ысак Жумакматты чакыртат. Жумакмат күрөң атын ойнотуп коноктордун алдына келет. Ысак:

- Жумакмат Байзак уулу, "Кеңеш" колхозунун атактуу жылкычысы, улакчы, фронтовик, согуштун ардагери. Маршал Будённый Кертөбөл тулпарын бастырып, "Кеңеш" колхозуна белекке алып келген таза кандуу дончак тукумундагы эки айгырды Жумакматка жакындап келип, колуна карматат.

- Фронтовик, пьеш? - дейт. Жумакмат башын ийкейт.

- Куйгула фронтовиктерге! – деп маршал буйрук берип, ат үстүндө баарына куйдуртуп, мындай деп айткан:

- Биз согушту ушундай элин-жерин, мекенин сүйгөн баатырлар менен жеңдик", - деп баарын ичирген.

Казак элинен келген журт башчысы:

- Башкарма! Жумакмат ииниби? Ысак башын ийкеп:

- Жумакматтын атасы Түлөгабыл-бай. Менин жездем болгон. Жумакмат атасынын жылкылары менен колхозго кирип, атактуу жылкычы болуп, согушка барып, кайра жылкычы, улакчы болуп жүрөт.

- Халк бактысына туулган шер гой! Дээринде бар. Көз тиймесин. Бар болсун. Бар болсун! - деп жиберген казак тууган. Исхак Раззаков Жумакматка жакындап келип:

- Экөөбүз теңтуш көрүнөбүз. Ата-тегиң таза, бетинен нур чачкан, пейили кенен, ак көңүл, адамгерчиликтүү, эмгекчил, айкөл, жакшы адам экенсиң. Жылкыны сүйүп, урматтап жүргөн адамдын ички дүйнөсү таза, элин-жерин сүйөт, улуктарды, улууларды урматтапсыйлайт. Мындай сапатка ээ болгон адам акчаны, байлыкты, мансапты сага окшоп карап да койбойт. Мындай сапат баарынан жогору турат. Ошондуктан биз балдарыбызга, небелерибизге тизгинди беришибиз керек. Ата бабабыздан калган чоң ырыскыны жоготпошубуз керек деп айткан Исхак Раззаков.

Улак тартыш бүткөндөн кийин Жумакмат Байзак уулу, Курман Өтөгөн уулу, Момбек Малаш уулу, Турсункул Чекир уулу, Сман Белеген уулу, Жаманкул Абиир жана башка жылкычыларыбыз чоң коноктордун алдынан "Кеңеш" колхозунун жылкыларын айдап өтүшөт. Үйүр, үйүр – 3500 кыргыз жылкыларды тоодон ылдый түшүрүшүп, коноктордун алдынан өткөрүп жатканда, алардын дүңгүрөтө дүбүртү алыска угулган.

"КЕҢЕШ" КОЛХОЗУНУН ЖЫЛКЫЛАРЫНЫН КӨРГӨЗМӨСҮ

Сыдык акем коноктору "Кеңеш" колхозунан чыккан, атагы Советтер Союзуна белгилүү болгон күрөң аттын жанына келип:

- Күрөң ат таза кандуу англия айгыры менен Кула кыргыздын бээсинен чыккан англо-кыргыз айгыры. Күрөң аттын атасы – таза кандуу англия тукумунан дүйнөгө белгилүү болгон "Гипс" деген күлүктүн небереси. Тулпар "Күрөң ат" көп жолу "Дерби", "Калинин", "Будённый" кубокторун жеңип алган жана башка эл аралык сыйлыктардын ээси" деди Сыдык ата.

Күрөң атты көргөндөн кийин, коноктор го тор жорго менен Күрөң жоргону көргөздү. Экөө тең американын таза кандуу атактуу рекордсмени рысак (жорго) Боба Дуглас Привет деген аттын небереси.

Москва шаарында өткөн Бүткүл Союздук айыл чарба көргөзмөсүндө (ВДНХ) 1939, 1946-1949-жылдары катышып, чоң байгелерди алган. Күрөң жорго менен тор жорго үч жолу "Дерби" байгесин жеңип алган деди Сыдык акем.

Аягында конокторго көк жайыкта оттоп турган кыргыз жылкыларды көргөзүп Сыдык атам мындай деген:

- Жаратылыш шартына, Ала-Тоонун аба ырайына ылайыкташкан байыркы кыргыз жылкысы – Карабайыр тукумундагы Кула кыргыз аттар, атагы чыгып дүйнөнү дүңгүрөткөн ушул аттар, азыр азайып, жок болуп баратат. Кыргыздын бул жылкылары чарчабаган, чыдамкайлуу, талыкпай тоого жүгүрөт. Кыргыз жылкылары жыл бою жайытта жүрөт. Тоют жок болгондо, көп күндөрү эч нерсе жебей жүрө берет. Кышында калың кардын астынан, өздөрү буту менен тээп, тоют таап жешет. Бул жылкылардын туягынын тарамыштары, муундары бекем, шыйрактары күчтүү. Жайында жылкыларыбызды Суусамыр жайлоосунда багабыз. Абасы таза, салкын төрдө, тунук булак, мөңгү суудан ичет. Кыргыз жылкыларынын сапаттарын маршал Будённый өзгөчө белгиледи. Коноктор жал куйругу төгүлгөн, кундуз көкүлү жалтылдаган, туягы менен жер чапчып турган, жомоктогудай Кертөбөл күрөң ат. Тор жоргону, Күрөң жоргону көрүп, жылкыларды багып өстүргөн Ысак, Сыдык, жылкычыларга ыраазы болуп, рахматын айтышкан.

Мекен Исак,
Ы.Кочкорбаев атындагы
музейдин директору

КОНТРАБАНДАГА ЖАНА ТОВАРЛАРДЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫНА ЭСЕПКЕ АЛЫНБАГАН ТАШЫП КЕЛҮҮГӨ КАРШЫ КҮРӨШҮҮ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Улуттук экономиканын кызыкчылыктарын коргоого, контрабандага жана товарларды Кыргыз Республикасынын аймагына эсепке алынбаган ташып келүүгө каршы күрөшүүгө багытталган чараларды күчөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 17, 66 жана 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

1) үчүнчү өлкөлөр жана Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттер менен соода жүргүзүүнүн алкагында Кыргыз Республикасына ташылып келүүчү (импорттолуучу) товарларды (жүктөрдү) толук эсепке алууну камсыз кылсын;

2) Кыргыз Республикасынын аймагына контрабандалык жана/же эсепке алынбаган ташылып келген товарларды (жүктөрдү), ошондой эле үчүнчү өлкөлөр жана Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттер менен соода жүргүзүүнүн алкагында товарларды (жүктөрдү) контрабандалык жана/же эсепке алынбаган алып өтүү үчүн пайдаланылган транспорт каражаттарын конфискациялоону (алып коюуну) камсыз кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында чараларды көрсүн;

3) үчүнчү өлкөлөр жана Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттер менен соода жүргүзүүнүн алкагында Кыргыз Республикасынын аймагына ташылып келүүчү (импорттолуучу) товарларды эсепке алуу боюнча салык жана бажы кызматтарынын маалыматтык системаларынын үзгүлтүксүз иштешин, маалыматтарды онлайн режимде берүүнү, транспорт каражаттарынын мамлекеттик номер белгилерин таануу боюнча автоматташтырылган камералар менен өткөрүү пункттарын жабдууну камсыз кылсын;

4) үчүнчү өлкөлөр жана Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттер менен соода жүргүзүүнүн алкагында Кыргыз Республикасынын аймагына товарларды ташып келүү (импорттоо) боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерин бузган импортерлордун/ташуучулардын транспорт каражаттары үчүн атайын токтоочу жайларды киргизсин;

5) Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин аймагынан Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы аркылуу үчүнчү өлкөлөргө бара жаткан товарлардын транзиттик агымына күчөтүлгөн контролду киргизсин.

2. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

3. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 5-сентябры, ПЖ №304

Талас облусунун Кара-Буура районуна караштуу Кара-Буура айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан Турдалиева Нурийла Советбековнага жана анын үй-бүлөсүнө тиешелүү болгон 2008-жылдын 11-декабрында №024753 жер участогуна (үлүшүнө) жеке менчик укугу жөнүндөгү күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-040

УЛУТТУК ТАЗАЛЫК КҮНҮ ЖАНА 2023-2025-ЖЫЛДАР МЕЗГИЛИНЕ ТИРИЧИЛИК КАЛДЫКТАРЫН ИШТЕТҮҮ БОЮНЧА НАТЫЙЖАЛУУ ИНФРАСТРУКТУРА ТҮЗҮҮ БОЮНЧА ИШ-АРАКЕТТЕР ПЛАНЫ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасында айлана-чөйрөнү коргоону, жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу камсыз кылуу, ошондой эле санитардык жана экологиялык абалды жакшыртуу жаатындагы саясат ырааттуу ишке ашырылууда.

Ушуну менен бирге шаарларда жана айылдык калктуу конуштарда тиричилик калдыктарын чогултуу жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр менен камсыз кылуунун жетишсиздиги, тиричилик калдыктарын, анын ичинде катуу тиричилик калдыктарын иштетүү жаатындагы инфраструктуранын канааттандырарлык эмес абалы жана тиричилик калдыктарынын полигондорунун санитардык жана экологиялык ченемдердин талаптарына шайкеш келбегендиги бул чөйрөдө комплекстүү чараларды көрүүнү талап кылат.

Кыргыз Республикасында тиричилик калдыктарын иштетүү маселелери бүткүл дүйнөдөгүдөй эле курч турат. Калдыктар экологиялык коопсуздукка жана жарандардын ден соолугуна коркунуч туудурган проблемага айлануда. Алар айлана-чөйрөгө, анын ичинде жер ресурстарына, жер үстүндөгү жана жер астындагы сууларга, токойлорго жана башка өсүмдүктөргө, ошондой эле жаныбарлардын жашоо чөйрөсүнө, абага терс таасирин тийгизет.

Тиричилик калдыктарын чогултуу, ташуу, утилдештирүү, кайра иштетүү жана көмүү боюнча натыйжалуу системаны түзүү, калктын ден соолугуна жана айлана-чөйрөгө алардын зыяндуу таасирин алдын алуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Улуттук тазалык күнү белгиленсин жана ал жыл сайын сентябрдын үчүнчү ишембисинде жана апрелдин үчүнчү ишембисинде өткөрүлсүн.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчылары, шаарлардын мэрлери, айыл аймактарынын башчылары коомдук уюмдарды, экологиялык активисттерди, ыктыярчыларды жана жарандарды тартуу менен шаарлардын жана айылдык калктуу конуштардын аймактарында, анын ичинде менчигинин түрүнө карабастан ишканалар, уюмдар, мекемелер ээлеген жана аларга бекитилип берилген аймактарда, ошондой эле жеке курулуш зоналарындагы көчөлөрдө жана короо аймактарында талаптагыдай санитардык абалды жана тартипти камсыз кылуу максатында тиричилик калдыктарын тазалоо боюнча иш-чараларды уюштурсун.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети 2022-жылдын 31-декабрына чейин төмөнкү негизги милдеттерди ишке ашырууну караган 2023-2025-жылдар мезгилине тиричилик калдыктарын иштетүү боюнча натыйжалуу инфраструктураны түзүү боюнча иш-аракеттер планын бекитсин:

- тиричилик калдыктарын, анын ичинде катуу тиричилик калдыктарын иштетүү жаатында мыйзамдык базаны жана экономикалык жөнгө салуу механизмдерин өркүндөтүү;
- тиричилик калдыктарын чогултуу жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү натыйжалуу уюштырууну камсыз кылуу максатында санитардык тазалоонун материалдык-техникалык базасын жана инфраструктурасын өнүктүрүү;
- тиричилик калдыктарын иштетүү жаатында экологиялык билим берүү системасын өнүктүрүү үчүн методикалык жана маалыматтык камсыздоону түзүү;
- катуу тиричилик калдыктарын өзүнчө чогултуу боюнча инфраструктураны өнүктүрүүгө, полигондорду оптималдаштырууга, тиричилик калдыктарын кабыл алуу пункттарын, таштандыларды сорттоочу жана таштандыларды кайра иштетүүчү ишканаларды, анын ичинде жеке менчик формадагыларын курууга багытталган инвестицияларды өздөштүрүү;
- калдыктарды өндүрүүчүлөрдүн өздөрү тарабынан калдыктарды иштетүү боюнча чыгымдарды компенсациялоону караган тиешелүү укуктук жана экономикалык негизди түзүүнүн зарылдыгын аныктаган "булгоочу төлөйт" принцибин киргизүү;
- тиричилик калдыктарын иштетүү жаатындагы кызмат көрсөтүүлөр боюнча ишти конкурстук негизде жүргүзүү процессинин ачыктыгы жана айкындыгы;
- калкты тиричилик калдыктарын чогултуу жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр менен толук камтууну камсыз кылууга, бааны белгилөөнү өркүндөтүүгө жана тарифтерди оптималдаштырууга, төлөм тартибин чыңдоого багытталган санитардык тазалоо инфраструктурасын өнүктүрүү;
- катуу тиричилик калдыктарын кайра иштетүүнүн натыйжалуу жана заманбап системасын түзүү;
- катуу тиричилик калдыктарын көмүү үчүн заманбап полигондорду түзүү;
- катуу тиричилик калдыктарын жайгаштыруу (таштоо) боюнча учурдагы жайларды жабуу жана рекультивациялоо боюнча чараларды көрүү, энергиянын альтернативдүү булактары түрүндөгү тиричилик калдыктарынын объекттерин пайдалануу.

4. Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги калктын экологиялык маданиятын жогорулатуу, ошондой эле айлана-чөйрөнү коргоо, жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу жана тиричилик калдыктарын иштетүү, анын ичинде катуу тиричилик калдыктарын өзүнчө чогултуу чөйрөсүндөгү укук бузуулардын алдын алууга өзгөчө көңүл буруу менен кеңири масштабдуу пропагандалык ишти уюштуруу боюнча иштерди күчөтсүн.

5. Шаарлардын мэрлерине, айыл аймактарынын башчыларына 2022-жылдын 31-декабрына чейин шаарлардын, айылдардын жана поселоктордун аймактарын көркөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты жана тартипти сактоо эрежелерин иштеп чыгуу жана тиешелүү жергиликтүү кеңештердин бекитүүсүнө киргизүү сунушталсын.

6. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 6-сентябры, ПЖ №305

«АЭРОСТАР» ЖАБЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУ
(мурунку «Аэростар» Компаниясы» ачык акционердик коому)

Бишкек шаары, Орозбеков көч., 26 дарегинде жайгашкан, 2022-жылдын 5-сентябрында кезексиз жалпы чогулуш болуп өткөнүн, анда ачык компания статусунан чыгуу жөнүндө төмөнкү чечимдер кабыл алынгандыгын маалымдайт:

1. "Аэростар Компаниясы" ачык акционердик коомунун фирмалык аталышы жана түрү "Аэростар Компаниясы" жабык акционердик коомуна өзгөртүлсүн жана төмөнкүлөр аныкталсын:

- **фирманын толук аталышы:**
- мамлекеттик тилде: **"Аэростар компаниясы" жабык акционердик коому;**
- расмий тилде: **Закрытое акционерное общество «Компания Аэростар»**
- **Фираманын кыскартылган аталышы:**
- мамлекеттик тилде: **«Аэростар» компаниясы» ЖАК;**
- расмий тилде: **ЗАО "Компания «Аэростар ".**

2. Өз алдынча иштелип чыккан «Аэростар Компаниясы» жабык акционердик коомунун уставынын жаңы редакциясы бекитилсин.

3. «Аэростар «Компаниясы» ЖАКтын башкы директору Ринчино Дмитрий Владимировичтин (1980-жылдын 15-майында туулган, паспорт №76 4615879, ИИМ 77110 2021-жылдын 20-майында берилген) ыйгарым укуктары ырасталсын.

4. "Аэростар "Компаниясы" жабык акционердик коомун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик кайра каттоодон өткөрүү жана "Аэростар Компаниясы" жабык акционердик коомунун башкы директоруна Ринчино Дмитрий Владимировичке же ал тарабынан ыйгарым укук берилген адамдарга «Аэростар» Компаниясы» жабык акционердик коомун Кыргыз Республикасынын юридикалык органдарында мамлекеттик кайра каттоодон өткөрүлсүн.

НАСТОЯЩИМ ЗАКРЫТОЕ АКЦИОНЕРНОЕ ОБЩЕСТВО «КОМПАНИЯ «АЭРОСТАР»
(ранее – Открытое акционерное общество «Компания «Аэростар»)

расположенное по адресу: г. Бишкек, ул. Орозбекова, 26, извещает о том, что 5 сентября 2022 года было проведено внеочередное общее собрание акционеров, на котором были приняты следующие решения, касающиеся выхода из статуса публичной компании:

1. Изменить фирменное наименование и тип Открытого акционерного общества «Компания «Аэростар» на Закрытое акционерное общество «Компания «Аэростар» и определить:

- **полное фирменное наименование:**
  - на государственном языке: **«Аэростар» компаниясы» жабык акционердик коому;**
- на официальном языке: **Закрытое акционерное общество «Компания «Аэростар»;**
- **сокращенное фирменное наименование:**
- на государственном языке: **«Аэростар» компаниясы» ЖАК;**
- на официальном языке: **ЗАО «Компания «Аэростар».**

2. Утвердить новую редакцию Устава Закрытого акционерного общества «Компания «Аэростар», разработанную самостоятельно.

3. Подтвердить полномочия Генерального директора Закрытого акционерного общества «Компания «Аэростар» Ринчино Дмитрия Владимировича (15 мая 1980 года рождения, паспорт №76 4615879, выдан 20 мая 2021 г. МВД 77110) сроком до 16 июня 2023 года.

4. Провести государственную перерегистрацию Закрытого акционерного общества «Компания «Аэростар» в органах юстиции Кыргызской Республики в соответствии с законодательством Кыргызской Республики и поручить Генеральному директору Закрытого акционерного общества «Компания «Аэростар» Ринчино Дмитрию Владимировичу или уполномоченным им лицам произвести государственную перерегистрацию Закрытого акционерного общества «Компания «Аэростар» в органах юстиции Кыргызской Республики.

ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРДЫ ЖАНА АЛАРДЫН ФИЛИАЛДАРЫН (ӨКҮЛЧҮЛҮКТӨРҮН) МАМЛЕКЕТТИК КАТТОО (КАЙРА КАТТОО) ЖАНА ИШИНИН ТОКТОТУЛГАНЫН КАТТОО ҮЧҮН ЖЫЙЫМДАРДЫН ӨЛЧӨМҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексинин 45-беренесин ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Жыйымдын төмөнкүдөй өлчөмдөрү белгиленсин:

1) юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо үчүн:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген мөөнөттө - 507 сом;
- 1 жумуш күндүн ичинде - 1200 сом;
- 6 сааттын ичинде - 2500 сом;
- 3 сааттын ичинде - 3200 сом;

2) юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик кайра каттоо үчүн:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген мөөнөттө - 457 сом;
- 3 жумуш күндүн ичинде - 1700 сом;
- 1 жумуш күндүн ичинде - 3000 сом;
- 6 сааттын ичинде - 3700 сом;

3) юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) ишинин токтотулганын мамлекеттик каттоо үчүн:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген мөөнөттө - 526 сом;
- 3 жумуш күндүн ичинде - 940 сом;
- 1 жумуш күндүн ичинде - 1880 сом;
- 6 сааттын ичинде - 2820 сом.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 28-январындагы №18 «Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жана ишинин токтотулгандыгын каттоо үчүн жыйымдардын өлчөмү жөнүндө» токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети жумуш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 23-августу, №470

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 22-ИЮЛУНДАГЫ №392 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭМГЕК, СОЦИАЛДЫК КАМСЫЗДОО ЖАНА МИГРАЦИЯ МИНИСТРЛИГИНИН УЮШТУРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Ресггубликасынын жарандарынын чет өлкөлөрдө укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча иштерди үзгүлтүксүз камсыз кылуу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын коиституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №392 «Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин уюштуруу маселелери жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) төмөнкүдөй мазмундагы 10^1 - 10^4-пункттар менен толукталсын:

«10^1. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин Россия Федерациясындагы өкүлчүлүгү ачылганга жана толук кандуу иштегенге чейин Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин ушул токтомдун 3-пунктунда көрсөтүлгөн штаттык бирдиктеринин ичинен иштеп жаткан кызматкерлер өз функцияларын аткаруусу улантат деп белгиленсин.

10^2. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин Россия Федерациясындагы өкүлчүлүгүнүн кызматкерлери Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызмат жөнүндө мыйзамдарында каралган тартипте дайындалганга чейин ушул токтомдун 3-пунктунда көрсөтүлгөн штаттык бирдиктердин ичинен иштеп жаткан кызматкерлерди каржылоону, материалдык-техникалык жактан камсыз кылууну улантсын.

10^3. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин Россия Федерациясындагы окуулчулугун күтүү үчүн 2022-жылга 15 117 000 (он беш миллион бир жүз он жети мин) сом бөлүп берсин, кийинки жылдарга 44 271 000 (кырк төрт миллион эки жүз жетимиш бир мин) сомдон финансылык каражат карасын.

10^4. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин Россия Федерациясындагы өкүлчүлүгүнүн ишин уюштуруу жана жүзөгө ашыруу тартиби жөнүндө нускаманы иштеп чыксын жана бекитсин.»;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин Россия Федерациясындагы өкүлчүлүгү жөнүндө жободо:

- 7-пункт төмөнкүдөй мазмундагы он экинчи абзац менен толукталсын:

«- Кыргыз Республикасынын миграция чөйрөсүндөгү мыйзамдарында белгиленген тартипте Россия Федерациясында каза болгон Кыргыз Республикасынын жарандарынын сөөгүн мекенине жеткирүү боюнча чыгымдарды компенсациялайт;».

2. Бул токтом расмий жарыялануууга тийиш жана 2022-жылдын 4-августунан тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 5-сентябры, №482

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРАЛДУУ КҮЧТӨРҮНҮН, БАШКА АСКЕРДИК ТҮЗҮМДӨРҮНҮН ЖАНА МЫЙЗАМДА АСКЕРДИК КЫЗМАТ КАРАЛГАН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН КАТАРЫНАН МӨӨНӨТТҮҮ АСКЕРДИК ЖАНА АЛЬТЕРНАТИВДИК КЫЗМАТТЫН БЕЛГИЛЕНГЕН МӨӨНӨТҮН ӨТӨП БҮТКӨН АСКЕР КЫЗМАТЧЫЛАРЫН ЖАНА АЛЬТЕРНАТИВДИК КЫЗМАТТЫН КЫЗМАТЧЫЛАРЫН ЗАПАСКА БОШОТУУ, ОШОНДОЙ ЭЛЕ 2022-ЖЫЛДЫН СЕНТЯБРЬ – НОЯБРЫНДА ЖАРАНДАРДЫ МӨӨНӨТТҮҮ АСКЕРДИК ЖАНА АЛЬТЕРНАТИВДИК КЫЗМАТ ӨТӨӨГӨ КЕЗЕКТЕГИ ЧАКЫРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 5-августундагы №278 "Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн, башка аскердик түзүмдөрүнүн жана мыйзамда аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарынын катарынан мөөнөттүү аскердик жана альтернативдик кызматтын белгиленген мөөнөтүн өтөп бүткөн аскер кызматчыларын жана альтернативдик кызматтын кызматчыларын запаска бошотуу, ошондой эле 2022-жылдын сентябрь - ноябрында жарандарды мөөнөттүү аскердик жана альтернативдик кызмат өтөөгө кезектеги чакыруу жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15, 17, 21 жана 31-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн, башка аскердик түзүмдөрүнүн жана мыйзамда аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарынын катарынан мөөнөттүү аскердик жана альтернативдик кызматтын белгиленген мөөнөтүн өтөп бүткөн аскер кызматчылары жана альтернативдик кызматтын кызматчылары запаска бошотулсун.

2. Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары менен биргеликте (макулдашуу боюнча):

1) чакыруу күнүнө карата 18 жашка толгон, чакыруудан кийинкиге калтырылууга укуктары жок, ошондой эле чакыруудан кийинкиге калтыруу укугунан ажыраган эркек жарандарды 2022-жылдын сентябрь - ноябрында Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнө, башка аскердик түзүмдөрүнө жана мыйзамда аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарына мөөнөттүү аскердик жана альтернативдик кызматка чакыруу боюнча иш-чараларды уюштурсун;

2) райондук (шаардык) чакыруу комиссияларын түзсүн, аларды медициналык күбөлөндүрүү үчүн зарыл болгон медициналык мүлктөр жана шаймандар менен жабдылган чакыруу (топтоо) пункттары менен камсыз кылсын;

3) жарандарга кабарлоо жана аскер комиссариаттарына уюшкандыкта келүүсүн камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн жана зарыл болгон учурда аларды автотранспорт менен жеткирүүнү уюштурсун.

3. Республикалык чакыруу комиссиясынын курамы тиркемеге ылайык бекитилсин жана ага райондук (шаардык) чакыруу комиссияларын жетектөө, райондук (шаардык) чакыруу комиссияларынын чечимдерине жарандардын даттанууларын жана кайрылууларын кароо, райондук (шаардык) чакыруу комиссияларынын чечимдерин тандап текшерүү жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка ыйгарым укуктар жүктөлсүн.

4. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги:

1) аскер комиссариаттарынын өтүнмөлөрү боюнча райондук (шаардык) чакыруу комиссияларында чакырылуучуларды медициналык күбөлөндүрүүдөн өткөрүү үчүн квалификациялуу врач-адистерди жана орто медициналык персоналды бөлүп берсин;

2) мөөнөттүү аскердик кызматка чакырылган жарандарды кызмат өтөө жерине жөнөтүүнүн алдында контролдук медициналык кароодон өткөрүү үчүн Бишкек, Ош, Жалал-Абад, Балыкчы, Талас жана Кадамжай шаарларындагы топтоо пункттарын врач-адистер (терапевт, хирург, невропатолог, дерматолог, окулист, отоларинголог, стоматолог, психиатр, рентгенолог-фтизиатр) жана орто медициналык персонал менен камсыз кылсын;

3) ден соолугунун абалы кошумча изилдөөлөрдү талап кылган чакырылуучуларды дарылоо-профилактикалык мекемелерде кезексиз стационардык (амбулатордук) медициналык текшерүүнү камсыз кылсын.

5. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги:

1) аскердик милдетти аткаруудан качкан адамдарды издөөнү, кармоону жана райондук (шаардык) аскер комиссариаттарына жеткирүүнү жүзөгө ашырсын;

2) райондук (шаардык) аскер комиссариаттарына жарандардын соттуулугу, ошондой эле алардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылгандыгы жөнүндө маалыматтарды берсин;

3) аскер комиссариаттарында, топтоо пункттарында жана чакырылуучуларды салтанаттуу узатуу жерлеринде коомдук тартипти сактоону камсыз кылсын.

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

7. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 30-августу, №477

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОТ АДИЛЕТТИГИ ИШТЕРИ БОЮНЧА КЕҢЕШИНИН ЭЛДИК КУРУЛТАЙДАН ЖАНА ЮРИДИКАЛЫК КООМЧУЛУКТАН МҮЧӨЛӨРҮНӨ МАТЕРИАЛДЫК СЫЙ АКЫ ТӨЛӨӨ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 5-беренесин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Мңнистрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Сот адилеттиги иштери боюнча кеңешинин Элдик Курултайдан жана юридикалык коомчулуктан мүчөлөрүнө материалдык сый акы төлөө тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Ушул токтомду ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин тиешелүү жана кийинки жылдарга каражаттарынын чегинде жүргүзүлөт деп белгиленсин.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 27-сентябрындагы №500 "Кыргыз Республикасынын Судьяларын тандоо боюнча кеңешинин, судьянын кызмат ордун ээлеп турбаган мүчөлөрүнө материалдык сый акы төлөө тартибин бекитүү жөнүндө" токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 1-сентябры, №480

«САНАРИП АЙМАК» АВТОМАТТАШТЫРЫЛГАН МААЛЫМАТТЫК СИСТЕМАСЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине маалыматтык автоматташтыруу системасын киргизүү максатында, «Электрондук башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2019-жылдын 11-январындагы №1 «2019-жылды Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы деп жарыялоо жөнүндө» Жарлыгына, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинет жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. «Санарип аймак» автоматташтырылган маалыматтык системасы (мындан ары - «Санарип аймак» АМС) жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу «Инфоком» мамлекеттик ишканасы «Санарип аймак» АМСти техникалык эксплуатациялоону, тейлөөнү жана өнүктүрүүнү жүзөгө ашыруу үчүн оператор болуп аныкталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги «Санарип аймак» АМСти жыл сайын коштоого финансылык каражаттарды республикалык бюджеттин жана башка каржылоо булактарынын каражаттарынан карасын.

4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик жыл сайын, 30-апрелден кечиктирбестен, бюджетти болжолдоо жана аткаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга «Санарип аймак» АМСтин операторунун алдын ала эсептөөлөрүнө ылайык системаны коштоого финансылык чыгымдардын суммасы жөнүндө маалыматты берип турсун.

5. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу «Инфоком» мамлекеттик ишканасы ушул токтомго ылайык бөлүнгөн каражаттардын максаттуу пайдаланылышын камсыз кылсын.

6. Мамлекеттик органдардын жетекчилери өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын алкагында «Санарип аймак» АМСте маалыматтарды актуалдаштырууну камсыз кылсын, ошондой эле жогоруда аталган Жобонун талаптарына ылайык ишти жүзөгө ашырсын.

7. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына «Санарип аймак» АМС аркылуу маалыматтарды топтоо, сактоо, иштеп чыгуу, издөө, пайдалануу, берүү боюнча ишти жүзөгө ашыруу, ошондой эле туруктуу негизде маалыматтарды актуалдаштырууну камсыз кылуу сунушталсын.

8. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

9. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 2-сентябры, №481

СОВЕТ ПО ДЕЛАМ ПРАВОСУДИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ОБЪЯВЛЯЕТ КОНКУРСНЫЙ ОТБОР:

по городу Бишкек:
- **2 вакантных мест на должность судьи Ленинского районного суда города Бишкек;**
- **1 вакантное место на должность судьи Октябрьского районного суда города Бишкек;**
- **1 вакантное место на должность судьи Первомайского районного суда города Бишкек;**
- **3 вакантных мест на должность судьи Свердловского районного суда города Бишкек.**

по городу Ош:
- **1 вакантное место на должность судьи Алайского районного суда Ошской области;**
- **1 вакантное место на должность судьи Ошского городского суда Ошской области.**

по Жалал-Абадской области:
- **1 вакантное место на должность судьи Ала-Букинского городского суда Жалал-Абадской области;**
- **1 вакантное место на должность судьи Жалал-Абадского городского суда Жалал-Абадской области;**
- **1 вакантное место на должность судьи Кара-Кульского городского суда Жалал-Абадской области;**
- **1 вакантное место на должность судьи Сузакского городского суда Жалал-Абадской области.**

по Баткенской области:
- **1 вакантное место на должность судьи Баткенского районного суда Баткенской области;**
- **1 вакантное место на должность судьи Кадамжайского районного суда Баткенской области;**
- **1 вакантное место на должность судьи Кызыл-Кийского городского суда Баткенской области.**

по Иссык-Кульской области:
- **1 вакантное место на должность судьи Иссык-Кульского районного суда Иссык-Кульской области;**
- **1 вакантное место на должность судьи Иссык-Кульского областного суда;**
- **1 вакантное место на должность судьи Тонского районного суда Иссык-Кульской области.**

Заявление на участие в конкурсе должно быть подано претендентом в Совет по делам правосудия в течение 14 дней со дня публикации объявления.

Прием заявлений и документов осуществляет секретариат Совета по делам правосудия Кыргызской Республики в течение 14 рабочих дней с **9 сентября по 28 сентября 2022 года, с 9.00 до 17.30 часов (обеденный перерыв с 12.00 до 13.00 часов**) по адресу: **город Бишкек, улица Табышалиева, д.15, 0 этаж.** Дополнительную информацию Вы можете получить по телефонам: **(0558) 88-72-34 и (0312) 31-30-22,** а также на сайте: **www.otbor.sot.kg**

К ЗАЯВЛЕНИЮ ПРИЛАГАЮТСЯ:

1) *копия паспорта;*
2) *нотариально заверенная копия диплома о высшем юридическом образовании и архивную справку с ВУЗа;*
3) *заверенная копия трудовой книжки, иные документы, подтверждающие наличие стажа работы по юридической профессии;*
4) *медицинское заключение о состоянии здоровья, выданное в течение шести месяцев перед участием в конкурсе (справка формы №086); справка с РЦПЗ, справка с РЦН;*
5) *характеристика, отзывы, рекомендации, характеризующие личность претендента, награды;*
6) *одна фотография 3х4;*
7) *единую налоговую декларацию за 2021 год;*
8) *опись прилагаемых к заявлению документов;*
9) *скоросшиватель.*

При подаче заявления и документов согласно указанному перечню, все претенденты заполняют «Анкету кандидата на должность судьи» и согласие претендента на получение персональных данных с ГРС при ПКР (на движимые и недвижимые имущества) в секретариате Совета по отбору судей Кыргызской Республики (образец можете посмотреть на официальном сайте).

Требования, предъявляемые к судьям местных судов Кыргызской Республики:

1) Гражданство Кыргызской Республики;
2) Возраст – не моложе 30 лет и не старше 65 лет;
3) Высшее юридическое образование по специальности «Юриспруденция» или высшее образование по направлению подготовки «Юриспруденция» с присвоением академической степени «магистр» при наличии академической степени «бакалавр» по соответствующему направлению;
4) Стаж работы по юридической профессии не менее 5 лет.

Кандидаты до рассмотрения вопроса о допуске вправе ознакомится с информациями, поступившими по запросу Совета из государственных органов.

С-127

ОАО «ГОСУДАРСТВЕННАЯ ИПОТЕЧНАЯ КОМПАНИЯ»

ОБЪЯВЛЯЕТ ПУБЛИЧНЫЕ ТОРГИ В ФОРМЕ ОТКРЫТОГО АУКЦИОНА ДЛЯ РЕАЛИЗАЦИИ НЕДВИЖИМЫХ ИМУЩЕСТВ.

- Публичные торги состоятся **10 октября 2022 года.**
- Место проведения аукциона **– г. Бишкек, ул. Токтогула, 228**.
- Время начало торгов **14.00 часов.**
- Аукцион состоит из девяти лотов. Открытые торги на каждое недвижимое имущество будет проводиться отдельно. Для получения бланка необходимо обратиться по адресу: **г. Бишкек, ул. Токтогула, 228.**
- Для участия в аукционе необходимо внести гарантийный взнос в размере **5 000 (пять тысяч) сомов** и до начала торгов подать заявку на тот лот, в котором участник принимает участие.
- Участник, внесший гарантийный взнос в размере **5 000 (пять тысяч) сомов**, может участвовать во всех девяти лотах, при условии подачи заявки на каждый лот отдельно.
- Гарантийный взнос в размере **5 000 (пять тысяч) сомов** необходимо перечислить по следующим реквизитам: ОАО «Государственная Ипотечная Компания», **ИНН 00810201510086**, расчетный счет **1350100027586931**, ОАО «Айыл Банк», БИК **135001**.
- Прием заявок на участие в аукционе заканчивается **7 октября 2022 года, 16.00 ч.**
- Организатор торгов: **ОАО «Государственная Ипотечная Компания».**
- Для дополнительной информации обращаться в Отдел закупок и управления жилищным фондом по адресу: **г. Бишкек, ул. Токтогула, 228, тел.: (0700) 11-18-87, (0312) 61-06-80.**

Наименование организации	**ОАО «Государственная Ипотечная Компания»**
Гарантийный взнос	**5 000 (пять тысяч) сом**
Цена за шаг повышения	**100 (сто) сом**
Начало аукциона	**10 октября 2022 года 14.00 часов**
Место предварительного проведения аукциона	**г. Бишкек, ул. Токтогула, 228**
Примечание	

Лот	Сведения по недвижимому имуществу	Стартовая стоимость (сом)	Техническое состояние
1 лот	Квартира общей площадью 113,8 кв.м., в том числе жилой площадью 62,9 кв.м., расположенная по адресу: г. Бишкек, ул. Московская, дом 191, кв. №157	8 024 800,0	хорошее
2 лот	Квартира общей площадью 114,5 кв.м., в том числе жилой площадью 63,6 кв.м., расположенная по адресу: г. Бишкек, ул. Московская, дом 191, кв. №161	8 074 100,0	хорошее
3 лот	Квартира общей площадью 114,6 кв.м., в том числе жилой площадью 64,0 кв.м., расположенная по адресу: г. Бишкек, ул. Московская, дом 191, кв. №165	8 081 200,0	хорошее
4 лот	Квартира общей площадью 72,2 кв.м., в том числе жилой площадью 38,9 кв.м., расположенная по адресу: г. Бишкек, ул. Московская, дом 191, кв. №240	3 972 000,0	без ремонта (ПСО)
5 лот	Двухуровневая квартира (5-6 этажи, пентхаус), общей полезной площадью 195,6 кв.м., жилой площадью 104,1 кв.м., расположенная по адресу: г. Бишкек, ул. Ажыбека Баатыра, дом 1/1, кв. 20	10 076 500,0	хорошее
6 лот	Квартира общей площадью 252,9 кв.м., жилой площадью 160,1 кв.м., расположенная по адресу: г. Бишкек, 7 мкр-н, дом 52/3, кв. 62	15 320 400,0	хорошее
7 лот	Квартира общей площадью 181,2 кв.м., жилой площадью 124,3 кв.м., расположенная по адресу: г. Бишкек ул. Ажыбека Баатыра, д. 2, кв. 14	11 278 000,0	хорошее
8 лот	Квартира общей площадью 112,9 кв.м., жилой площадью 78 кв.м., расположенная по адресу: г. Бишкек, ул. Бакаева д. 132, кв. 98	8 031 900,0	хорошее
9 лот	Квартира общей площадью 153,0 кв.м., жилой площадью 81,7 кв.м. (терраса 27,1 кв.м., балкон 4,8 кв.м.) с причитающейся долей в местах общего имущества в многоквартирном жилом доме, расположенная по адресу: г. Бишкек, ул. Толомуша Океева, дом 39/3, кв. 35 (Литер А)	16 363 650,0	без ремонта (ПСО)

ОАО «ТАШ-ТЕМИР»

г.Бишкек, ул.Кулатова, 8 вид ценных бумаг - простые именные акции KG 0101006417, KG 0102006416, KG 0103006415 номинальная стоимость одной акции 114,54 сом,

НАСТОЯЩИМ УВЕДОМЛЯЕТ О СУЩЕСТВЕННОМ ФАКТЕ:

7 сентября 2022 г. *член Правления* ***Аминов А.М.*** *получил в дар от* ***Алымбаевой В.О. 145*** *простых именных акций, общей номинальной стоимостью* ***16609 сом****, доля в УК* ***0,02%*** *и член Правления* ***Иванов В.Ф.*** *получил в дар от* ***Алымбаевой В.О. 145*** *простых именных акций, общей номинальной стоимостью* ***16609 сом****, доля в УК* ***0,02%.***

В связи с утерей гос. акта серия Ч №359451 (от 16.12.2011 г.) код 2-03-03-0004-0539 на имя Мамаева Таланта Омуркановича считать недействительным.
Н-676

В связи с утерей гос. акта серия Ч №207243 на имя Аскера Мухаммада считать недействительным.
Н-688

В связи с утерей свидетельства о праве частной собственности на земельный участок (зем. долю) ЧА №069428 (от 21.12.2018 г.) на имя Арслан Мээрим Абылмажиновны считать недействительным.
Н-684

